Скырг
Б 48

ӨСКӨНБАЙ БЕРДИБАЕВ

# МУРГАПТЫН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ



аб.
С кырг
Б 48

Өскөнбай Бердибаев

# МУРГАПТЫН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487811

Бишкек - 2024

аб.

С кырг
Б 48

Өскөнбай Бердибаев

# МУРГАПТЫН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487811

Бишкек - 2024

УДК 821 203
ББК 203

Өскөнбай Бердибаев
Мургаптын өчпөс жылдызы: *Тарыхый документалдык жыйнак*

Б. 2024.134 б.

ISBN 978-9967-492-12-77

Жазуучу, акын Өскөнбай Бердибаевдин "Мургаптын өчпөс жылдызы" аттуу китеби Мургаптык чыгаан инсан Саипбакас Турдубековдун жаркын элесине арналып жазылды.

Китепте аталган каармандын эмгек жолу, ал жөнүндө ой толгоолор жана баяндамалар камтылган. Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

Өскөнбай Бердибаев. 2024



## Баш сөз

Турдубеков Саипбакас акени биз "Акказ ака" деп таанычубуз.

Акказ аке Мургаптагы кыргыздарынын арасында ысымы белгилүү адамдардын бири эле.

Акказ аке Советтик Союз мезгили дүркүрөп турган учурда Мургап районунда "Акказ" деген ат менен белгилүү болуп турду, бул нерсенин көптөгөн себептери бар эле.

Акказ акенин бийик адамгерчилиги, ак көңүлдүгү, калыс чынчылдыгы, өжөр-тайманбастыгы менен досторунун жоро-жолдошторунун арасында бийик кадыр-баркка ээ болчу.

"Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" дегендей, Акказ аке спортсмен, бокс чебери, колунан көөрү төгүлгөн уста, сүрөттү мыкты тарткан сүрөткердик өнөрү да бар эле. Бул киши жаштайынан мыкты окуду, жогорку окуу жайда жүргөндө спорттук атайын машыгууларга катышып, Душанбе шаарында спорттук мелдештерде бир топ ийгилик жаратып бокс боюнча чемпион болду, машыктыруучулардын жана жалпы окуу жайдын ыраазычылыгына арзыды.

Жалпы Мургаптык кыргыздардын намысын коргоду, көптөгөн жаштарга үлгү боло алды.

Акказ аке Душанбеде окуп жүргөндө Мургаптык кыргыз жигиттер бул киши менен сыймыктанар эле.

Кийин окууну бүтүп келгенден кийин да элдин алкоосуна татып өзүн үлгү катары көрсөтө алды.

Ал кездерде СССР доору дүркүрөп турганда Мургапта жаштар арасында "кимсиң – Акказсың" болуп аты алыска кетип, аңыз кеп болуп турду.

Ошол кездеги жаштар баары Акказ акени өтө сыйлап кадырлачу.

Мургап району дүркүрөп турганда "Акказ" деген адамдын ысмы кошо дүркүрөп далай жыл эл оозунан түшпөй жүрдү.

Акказ аке эң алгач өз колу менен Мургап районунда заманбап үлгүдөгү эң бир кооз үй салып ал үйгө көчүп кирди. Ал учурда Мургап жергесинде "куржун там" дешип ортосунда "Далан" деп аталчу бир бөлмө эки капталында бирден бөлмө болчу, баардык элдер ушул "куржун там" үлгүсүндө гана үй салчу. Эң алгачкылардан болуп, Акказ аке узун залы жана кең верандалуу айнек терезелери чоң, жарык, үстү чатырланган паркет полдуу мыкты үй курду. Мургап жергесинде далайлар айыл-кыштактардан атайын келишип райондон Акказдын үйүн көрүп не бир суктанып кетишер эле.



Акказ аке ар бир кылган эмгегинен ийгилик жаратты, жалпы эл- журтту жаңы көз карашка жаңылануууга, жаштарды спортко жана эмгекке шыктандырды.

Алтындай доорун алтын топурактуу Мургап жергесинде өткөрдү.

Ошентип күндөрдүн бир күндөрүндө башка кызматка которулгандыгына байланыштуу Ош шаарына көчүп кетти.

Ошко келгенден кийин да өз элине жөлөк-таяк болуп, далай кызмат кылды, көптөргө жакшылык кайраны тийди.

Ал мезгилде Ошто Мургаптык кыргыздар бирин-серин эле жашачу.

Ошолордун бири, эң алгачкылардан болуп Акказ аке болду. Алыскы Мургап өрөөнүнөн келгендер "Акказдын үйүнө барабыз" деп самап келишер эле.

Акказ аке ар бир келген Мургаптыктарды зор кубануу менен тосуп алып, үйүнө жаткырып чайын берип, колдон келишинче жардамын кылып кызматын аянбай жүрдү.

Ошко жөнөгөн ар бир тоолук кыргыз алыстан "Акказга барабыз" деп самап келер эле.

Акказ акенин колунан көптөгөн адамдар чайын-тузун ичти, жакшылыгын көрдү.

Акказ аке Ошто далай жыл иштеп кадыр-баркка ээ болуп, үй-жайлуу болуп чоң кызматка көтөрүлдү, бирок эч качан киндик каны тамган Мургабын жана эч качан Мургаптык жердештерин унутпады.

"Элим, жерим" деп ар дайым кызматта болду.

Көптөргө жардамы тийди, көпчүлүктүн батасын алды, элинин алкоосуна арзыды.

Өмүрүнүн аягына чейин "элим-жерим" деп жашап өттү.

Оо... асыл адам!!! Тоолук элдин топуру болдуң, журтуңдун арка-бели болдуң, элиң эгерим унутпайт!!!

Элесиңиз түбөлүк эл-журттун эсинде калды!!!

Аппак чоку, алыскы ата-журтунда “Акказ” аттуу ысымыңыз түбөлүк жазылып калды!!!

Оо, Мургаптын өчпөс жылдызы! Жылдар өтөр, бирок жылдыздар түбөлүк өчпөйт!!!

Сиз Мургаптын түбөлүк өчпөс жылдызы болуп түбөлүк тоолордун төбөсүндө жарык чачып тура бересиз!!!

Сезимден өчпөйт Мургаптын чолпон жылдызы!!!

Өскөнбай Бердибаев.






## БИЙИККЕ КАРАЙ КЕТКЕН ЖОЛ

*(Турдубеков Саипбакас агабыздын жаркын элесине арналган көркөм чыгарма)*

Оштон Памир тоолорун карай сапарын улаган автомобилдер, Алай тоолорун аралап барып Кызыл-Арт ашуусуна жармашат. Ашууда бара жаткан машиналар гүүлдөп тоолорду жаңыртып жүрүп отуруп, кыя жол менен ашуунун чокусуна чыгат. Кызыл-Арт ашуусу кызыл топурактуу ар жылгасынан кызыл, боз, көгүш кочкул түстүү суулар аккан өзгөчө жер. Ашуу белдин чокусуна чыкканда бийик таштан тизилген төрт кырдуу дубалдын үстүндө күмүш түстүү тоо текенин эстелиги бар. Дал ушул текенин эстелигинен өткөндөн соң жердин өңү боз топурак тартып

айтылуу Памир өрөөнү башталат. Ашуудан ашып төмөндү көздөй кеткенде Маркан-Суу, Суук-Сай, Кара-Көл өрөөндөрүнө карай чубалжыган жол кетет. Мелтиреп жаткан Кара-Көл көлүнүн жээгин бойлой өткөн жол Муз-Көл көлүнүн жанынан өтүп Ак Байтал ашуусуна бет алат.

Ак Байтал ашуусу деңиз деңгээлинен 4650 метр бийиктиктеги эң бийик ашуулардын бири.

Ак Байтал ашуусунда аркар кулжаларды кээде жолга жакын аралыктагы кокту-колоттордон көрүүгө болот.

Ак Байтал ашуусун ашып бараткан айдоочу өзүн айга карай темир тулпар менен теминип бараткандай сезилет.

Ак Байтал ашуусун өзүнүн көрүнүшү ар бир адамга берген таасири да өзгөчө.

Ашууну ашкандан кийин машина тоо боорлоп түшкөн жол менен төмөн көздөй жылып отуруп тээ түздүккө түшүп барат. Андан нары ылдыйыш, машина жорго аттын таскагындай шыркырап ылдам кетет.

Жол шыдыр, Мургапка чейин ылдыйыш болуп төмөн көздөй түшүп кете берет. Жол боюнда катар тоолор, жол бойлоп кеткен сай-сайлар. Жолдо айдоочу Оштон Мургапка жеткенче миң бир кызыктуу тоо, таш, суу, өзөн-жар, түстүү топурактарды жана жан-жаныбарларды көрүп барат.

Памирге карай кеткен жол ары түйшүктүү, ары кызыктуу, муну ошол жолдо жүргөн адамдар билет.

Памир тоолорунун өзүнүн аурасы бар, касиеттүү сыйкыр күчү ар бир адамга өзгөчө таасир берип, алда... не бир ойлорго терметет.

Памирге жол улаган ар бир жолоочу башка бир керемет жомоктой дүйнөгө сапар улап бараткандай сезимде болот.

Өмүрдө Памирге сапар алган ар бир инсан табияттын кооздугун, ыйыктыгын, кереметин сезип өзгөчө кыялдарга чөмүлөт.



Памирге кеткен жол – бул өмүр жолу, бул адам баласынын бийикке карай кадам салган сапары.

Бийикке карай жол алган жолоочунун узак сапары жолдордун жомогу.

Чокуларга карай таш жолдо сапар улаган бул талыкпас адамзаттын тагдыры. Тагдырда жолдор узак, жолдор көп, бирок Памир тоолоруна карай кеткен таштуу жолдогу сапардын тагдыры – бул кайталангыс.

Муну ар бир пенде сезет, туят, кээ бири ичинде обонго салып кыңылдап ырдап жиберсе, кээ бири ыр кылып кагазга түшүрүп жазат.

Тоо жолу – бүтпөгөн жомок.

Бул бийикке карай кеткен сапар, адам баласы жер үстүндө жашап турганда токтобосо керек.

Демек, жол узара берет, жомоктой жашоо улана берет.

Бийикке сапар алган ар бир сапар байсалдуу болсун!

Алыскы ак карлуу чокуга узаган жол, ааламга карай улана берсин!

Алай-Памир тоолорун аралап кеткен жол кылымдарга өмүр көчүн улап агыла берсин!

Ош-Памир. Асман, чоку, ак карлуу Ак Байтал ашуусу – деңиз деңгээлинен 4650 метр.







# ТУРДУБЕКОВ САИПБАКАС АГАБЫЗДЫН ӨМҮР БАЯНЫ

Турдубеков Саипбакас Турдубекович 1944-жылы Тажик ССРинин Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун Мургап районунун Арал-Кыштак айылында жарык дүйнөгө келген. Улуту – кыргыз. Уруусу – жаманаң. Атасы – Мантаев Турдубек, энеси – Олжобаева Орол. Ата-энеси мал чарбасында эмгектенген инсандар болгон.

Турдубеков Саипбакас Мургаптагы №1 Ленин атындагы орто мектепте окуп 1961-жылы окуусун ийгиликтүү аяктаган. Андан соң, 1962-жылдары Тажик ССРинин Айыл чарба институтуна тапшырып аталган окуу жайды 1967-жылдары жогорку даражада аяктаган.

Душанбе шаарында жогорку окуу жайда окуп жүргөндө бокс боюнча атайын машыгууларга катышып, 1963-жылдары Душанбе шаарында жаштар аралык бокс боюнча өткөн чоң мелдештерде алдыңкы орунду ээлеп, Мургаптык кыргыздардан чыккан алгачкы "Чемпион" болгон. 1970-жылдары Казак ССРнин Гуревский облусунун Шевченько шаарында аскердик кызматын өтөгөн.

Алгачкы эмгек жолун 1966-67 жылдары Мургап районунда инженер-дефектовщик болуп иштөөдөн баштаган.

Андан соң, 1967-69 жылдары райондук машина ремонттоо бөлүмүндө, 1970-жылдары Мургап райондук "Таджиксельхозтехника" бирикмесинин башкы жетекчиси, 1972-1975 жылдары Мургап районундагы "Таджиксельхозтехника" ишканасынын башкы инженери, 1975-1981 жылдары Мургап районунун "Госкомсельхозтехника" ишканасынын жетекчиси, 1981-1983 жылдары Мургап райондук билим берүү мекемесинде мугалим, 1983-1985 жылдары Мургап райондук "ДОСААФ" мекемесине караштуу техникалык-спорттук клубунун башкы

жетекчиси, 1985-1988 жылдары Мургап райондук ДЭУ-961 жол тейлөө мекемесинин башкы жетекчиси, 1988-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы 113-автобазасынын башкармачылыгында жетекчинин биринчи орун басары, 1993-1995 жылдары Кытай Эл Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде Улуучат-Эркештам автомобиль жол курулушунун атайын көзөмөлдөөчү адиси кызматтарында үзүрлүү эмгектенген.

2008-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Үй-бүлөлүү, бир уул, төрт кыздын атасы, он беш неберенин сүйүктүү чоң ата жана таятасы.

2014-жылы өмүрлүк жары менен чогуу ажылык сапарга барып, ажылык ыйык парзын өтөп зыярат кылып келген.

2023-жылы 30-апрель күнү дүйнөдөн кайткан.

Саипбакас Турдубеков СССР КГБнын атайын кызматынын запастагы офицери болгон жана өзүнө тапшырылган мекен коопсуздугунун ыйык милдеттерин так жоопкерчиликтүү аткарган.

Көптөгөн сыйлыктардын, орден-медалдардын, ардак грамоталардын, алкыш жана ыраазычылык каттардын ээси болгон.

Саипбакас Турдубеков жалпы “Чыгыш Памир” кыргыздарынын арасында жана жалпы Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунда чоң кадыр-баркка, урмат-сыйга татыктуу инсан болгон.





## КЫРГЫЗДЫН КААДА САЛТЫН ТУУ ТУТУП ЖАШАГАН ИНСАН



Турдубеков Саипбакас кыргыз элине тиешелүү болгон улуттук нарктуулукту туу туткан инсан болгон.

Ар дайым башынан ак калпагын түшүрбөй кийип жүрөр эле. Бала кезинен кыргыздын боз үйүндө чоңойгондуктан, боз үйдү өзгөчө жакшы көрөр эле. Ош шаарында жашап жүргөн, өзү салган үйүнүн чоң короосуна жыгачтан боз үйдүн элесин окшоштуруп өз колу менен атайын эс алуучу жай жасаган.

Ар дайым жыгач усталык кылса же сүрөт тартса, сөөксүз кыргыздын оймо-чиймесин, боз үйдүн элесин түшүрүп жасайт эле. Азыр ойлосом, бул инсандын жүрөгү "кыргыз" деп соккон, кыргыздын баалуулуктарын бийик алып жүргөн, чыныгы толук кыргызга тийешелүү нукура, таза, асыл мүнөз инсан болгон экен.



Саипбакас аке кыргыздын салт-санаасын, үрп-адатын ийне-жибине чейин билет эле, кыргыздын кырк уруусунун санжырасын, ай-күн эсептөөлөрдүн кыргызча ыкмаларын өтө жакшы өздөштүргөн адам болчу. Өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин нарктуулугун жоготподу, ар дайым өзүн тыкан, таза алып жүрөр эле. Мургаптык жаш жигиттерге учурап калса, "кимдин баласысың?" деп сурап, анан ал жигиттин уруусун, "жети атасын" сүрүп, баарын чечмелеп берер эле.

Бул инсан Мургаптык кыргыздардын баарын беш колундай таанып билет эле, кимдин кайсы уруудан, кайсы жерде ата-бабасы жүргөнүн, баарын айтып берер эле.

Мургап элинин тарыхын, таржымалын өтө жакшы билер эле. Илгери, бала кезинде көрүп чоңойгон ак сакалдарын баарын сүрөттөп айтып, алардан алган таасирлерин кийинки муунга көп айтып берчү.

Саипбакас аке Мургап элинин "жандуу энциклопедиясы" болчу, аттиң, көзүнүн тирүүсүндө көп нерселерди сурап жаздырып кала албадык. Көптөгөн баалуу маалыматтарды өзү менен кошо алып кетти, кайран.

Саипбакас акенин эс тутуму өтө күчтүү болчу, бала кездеги көргөн окуяларын, тээ өткөн доордо жашап өткөн адамдарын аты-жөнүн, кулк-мүнөзүн, баскан турганын баарын айтып берер эле.

Ар дайым куштай талпынып, аруу жашап жүрдү, ак ниет, ак көңүл, чынчыл адам эле. Жайыңыз бейиштен болсун, асыл инсан – Саипбакас Турдубеков!!!

# ЖАРАТМАН ИНСАН

Саипбакас Турдубеков ар дайым өзүнүн талыбаган эмгеги жана жаратмандыгы менен өзгөчө эле.



Мургаптан Ошко көчүп келип, бир топ жыл иштеп, андан соң ардактуу эс алууга чыккандан кийин да, колуну жайып, тек отура албады, ар дайым ой тилегинде "кантип кыргыз элиме, айылдаштарыма, колу-кошуналарыма жардам кылам" деген бир ой жүрөгүнүн түпкүрүндө жашачу. Ошентип, максат коюп жүрүп Саипбакас ажы көптөгөн проекттерди жазды, ошол проекттердин негизинде Ордолуу Ош жергесиндеги өзү жашаган Кыргыз-Чек айылына электр жарык, таза суу, жол маселелерин чечти, ушул кишинин аракети менен бир канча жерлерге жолдор асфалтталып, таза суулар чыгып, айылдарга электр энергиясы жеткирилди. Саипбакас Турдубековдун жасаган зор эмгеги менен СССРдин акыркы жылдарында Мады айылындагы көпүрөлөр бүткөрүлгөн.



Ушундай көзгө анча илинбеген, бирок чыныгы мааниси чоң, көптөгөн иштерди агабыз жасап өзүнүн артынан из калтырып кетти.

"Жакшынын бир аты бар, жууса кеткис" деген сөздүн сыңарындай, сиздин жасап кеткен эмгектериңиздин изи, сиздин баскан жолуңуздун жарык шамы, өчпөй турганын айта алабыз. Сиздин кандай инсан экениңизди, сиздин жасап кеткен иштериңиз жана артыңызда калган урпактарыңыз айгинелейт. Жакшынын өзү өлсө да, анын жасап кеткен эмгеги, жаркын элеси өлбөйт. Сиз өлбөйсүз!!! Сиз ар дайым биздин жүрөгүбүздө түбөлүк жашап жүрө бересиз.



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 487811



## АЛЫСТА КАЛГАН АТА-ЖУРТ

Саипбакас Турдубеков өзүнүн кол жазмаларында ата-бабалары алыскы Чоң Алай өрөөнүнөн Памир тоо коюнуна келип жашап калганын эскерет:

“1925-жылы атам, чоң атам, жана башка туугандарыбыз болуп, Чоң-Алайдан Памирге сапар улап, жолдо көптөгөн азап тозокторду көрүп, акыры Памир тоо этектериндеги жылга-жыбыттарга жетип жайгашып калган экен.

Ал учурдун саясий доору ошондой болгон, аны баарыбыз билебиз, бирок аталарыбыздын Алай тоолорунан Памирге сапар улап көчүп келгендеги, жолдо көргөн кыйын күндөрү, ал учурдагы оор тагдырлар, эл башына келген кыйынчылыктар баарын атам Турдубек айтып жүрүп көзү өттү.

Менин жүрөгүмдөн ошол нерселер эч качан кетпейт.





Мен, Турдубек уулу Саипбакас, Чоң-Алай өрөөнүн улуу “ата журтум” деп эсептесем, Памирди “киндик каным тамган алтын уя, асыл конушум” деп билемин.

Мага, ата-бабам жүргөн Чоң-Алай да, өзүм төрөлүп өскөн Мургап да, бирдей ыйык.

Мен үчүн Алай-Памир тоолору куштун эки канатындай, жалындуу жаштык өмүрүм ошол тоолордун арасында өттү, Алай-Памир тоо жолдорунда жолчу болуп калганым да, балким жөн жерден эместир.

Мен тоо жолунда жүрүп, ата-бабам Алайдан Памирге көчүп келе жаткан караанын көргөндөй болом.

Балким, менин да, тоо жолдорунда иштеп калганым жөн жерден эместир.

Бул менин жүрөгүмдөн чыккан эскерүүлөрүм болсун.

Ар бир адам баласы суу ичкен булагынын көзүн тазалап, бир күн суу ичкен жерине миң күн салам айтып, таазим кыла жүрүшү керек деп айтар элем”.

## АТАМ ЧӨЖӨНҮН ЭСКЕРҮҮЛӨРҮНӨН

Мен, Акказ, Ташбай, баарыбыз чогуу бир айылда чоңойдук. Ал кезде үйлөрүбүз Көөнө-Коргондо, жардын астындагы булактын жанында жайгашкан эле.

Кийин ал жердеги кыштак жоюлуп, элдер жардын үстүнө көчүп чыгышкан.

Биздин үй, Акказдардын үйү, Ташбайлардын үйү, баары бири бирине жанаша чапталып салынган үйлөр эле, ал убакта үйлөр кичинекей, жапыз, айнектери кичине, үстү тал менен эптеп жабылган үйлөр болор эле.

Бир үйдүн үстүнө чыксаң, баардык үйдүн үстүнөн басып өтүп, акыркы үйдөн секирип түшүп кетет элек.

Биз там башынан секирип ойночубуз, тамдар жапыз салынгандыктан, кумдуу жерге дүп этип түшүп, эч нерсе болбой кагынып, силкинип туруп кетер элек.

Ташбай досум экөөбүз өтө шок, тентек элек, бизге караганда Акказ жоош, көп тентектик кылбаган, тартиптүү, адептүү эле.

Ата-энелерибиз "Акказды карагылачы, таптаза жүрөт, тентектик кылбайт, Акказдан үлгү алгыла" деп бизди урушат эле.

Акказ мектепте да жакшы окучу, ар дайым "ручка, тетрады" ордунда, баарына тыкан, сарамжалдуу болчу.

Ошондо, биздин жапыз үйлөрдүн арасында эң кооз үй "Ороз мерген" деген кишинин үйү болор эле, ал кишинин үйүн айылдагылар "чий баркыт" үй деп атачу, себеби ал киши уста болгондуктан, "Мадиян" деген жерден сары тал алып келип, талдарды тазалап, баарын бирдей кылка тизип, үйүнүн үстүн жапкан эле.

Үйүнүн ичине кирип шыпты карасак, чий баркыт сыяктуу өзгөчө көрүнөр эле.

Акказ, бойго жеткенде созулган жигит болуп чоңойду, ал дайыма жогорку окуу жайга баруу максатын айтар эле.

Кийин, максатына жетип, жогорку билимдүү болду. Душанбеде окуп келип, жакшы иштеди, эл ичинде кадыр-барктуу болду.



Кийин да, биздин достугубуз үзүлгөн жок, ар дайым волейбол ойнойт элек, Акказ топту өтө жакшы ойночу, анан бокс боюнча мыкты спортсмен эле, биз Акказды райондук майрамдардагы мелдештерге чыгарат элек, ал көбүнчө жеңишке жетет эле.

Акказ мектепте окуп жүргөн мезгилде сүрөттү өтө сонун тартар эле, анан боз үйдү, атты, төөнү, ар түрдүү кол эмгектерди сонун жасайт эле, көрсө, тубаса таланттуу болгон экен.

Кийин, Мургап районунун борборуна чоң үй салды, ал убакта андай үй эч кимде жок болчу, баарыбыз барып көрүп суктанар элек.

Акказ, кийин Ошко көчүп кетти, ошондо көп адамдар Акказдын үйүнө кардар болуп, "Жигули" машина, "Нива" машиналарды сунуш кылышып, "алмашабыз" деп көрүштү, ал кезде Жигули, Нива машиналары өтө баалуу болчу. Бирок, Акказ үйүн машинага алмашпады, "Атабек" деген "интер охотада" иштеген бир жигитке акчага эле сатып кетти, кийин Ошко барып, ал жактан үй салып алды.

Акказ Ошко көчүп кеткенден кийин, көп жолу бардык, биз барсак, жетине албай кубанып тосуп алар эле. Акказ ак көңүл, берешен, колу ачык, ар дайым бирөөгө жакшылык жасаган, мыкты сапаты бар болчу.

Анан, менин бир билгеним, Акказ кандай иште иштебесин, эч качан бой көтөрүп, өзүн бирөөдөн өйдө көрчү эмес, ар дайым жөнөкөй күлүп, жайнап жүрө берер эле.

Ар бир сөзүн орду менен сүйлөп, ар бир ишти акылга салып чечет эле. Акказдын атасы, азан чакырып койгон аты "Садыбакас" эле, кийин достору "Акказ" деп жүрүп Акказ аталып калды.

Акказдын паспортко жазылган чын аты – "Саипбакас", кийинки муун "Акказ ака" деп жүрүп, биротоло ошол атка баары көнүп кетишти. Бирок ата-энеси кичинекейинен "Садыбакас" деп атайт эле.

Мен, Акказ теңтушум менен чогуу балалыктын көп кызыктуу мезгилдерин өткөрдүм, эч качан ал күндөр менин эсимден кетпейт.

## ТОЙЧУБЕКОВ ЖОЛДОШ АГАЙДЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

Биз, Саипбакас ака менен Мургаптын Көөнө-Коргон айылында чогуу өстүк.

Ал киши менден үч жаш улуу эле. Менин бир тууган агам Тойчубеков Эргеш менен жакын дос болчу, экөөсү ар дайым бирге жүрчү, биздин үйгө көп келчү. Биз, Саипбакас акани "Акказ" деп айтат элек, жалпы айылдагылар да "Акказ" дечү, ал киши өзүнөн улуу 1942-жылкы балдар менен окуп калган экен, ал кезде бир класста окуган балдар, эки-үч жаштан улуу, кичүү, жаш айырмачылыктары көп болор эле. Мен билгенден, ал киши менен "Бердияр", "Жайчибек" деген балдар бир класста окуган.

Акказ ака ак көңүл, шайыр, акылы зирек, өтө "грамотный" адам эле. Бул киши жалпы Мургап району боюнча алгачкы, жогорку билимдүү "инженер-механик" кадрлардын бири болгон.

Өзүнүн айтуусу боюнча, алгач жогорку окуу жайга барган жылдары өтө кичинекей, арык, мажүрөө бала болот, курсташтары чоң-чоң, чымыр денелүү, бойлору узун, кең далылуу, ар түрдүү улуттагы балдар болот, алардын арасында кичине, арык болгонуна арданган, намыстуу жигит машыгып, чымыр денелүү, мыкты жетилген жигит болгусу келет.

Күндөрдүн бир күндөрү окуп жүрүп, башы айланып, көзү караңгылап жыгылат, анан курсташтары тез жардам чакыртып, ооруканага жөнөтүшөт, ошентип, ооруканада бир айдай жатып, айыгып чыгат, көрсө, ал кишинин ички каны аз болгон болот.

Ооруканада бир ай жатып, айыгып чыгып, дарыгерлердин айтканын жасап, ошолор буйруган тамактар менен азыктанып, тамеки чекпей спирттик ичимдиктерден алыс болуп, ар дайым спорт залга барып ден-соолугуна кам көрө баштайт.



Ошентип жүрүп, өзүнө келип жетилет, ден-соолугу калыбына келет, спорттун бокс түрүнө кызыгып, ошол боюнча машыгып жүрүп бокс чебери болот.

Акказ ака сүрөттү да, өтө жакшы тарткан, кыл калем сүрөткер эле, окуп жүргөн бала мезгилде эле сонун сүрөттөрдү тартчу.

Өзү, өтө тырышчаак аракетчил болчу, ошол аракетчилдиги менен окууда, спортто, эмгек жолунда көп жетишкендиктерге, өз күчү, өз эмгеги менен жетти.

Өзүнүн кең келечегин, өжөрлүгү менен, эмгеги менен, акылы менен курду.

Акказ ака комузду да жакшы чертчү, кыргыздын залкар комузчуларынын күүлөрүн жакшы чертет эле, айылда жүргөндө далай концерттерге ыр кеселерге катышар эле.

Таланттуу комузчуларды, асыл өнөр ээлерин урмат кылып, жакшы көрөт эле.

Кыргыздын залкар комузчулары Темирбай Кочкорбаев, Фахридин Баяков, Жолболду Алыбаевдер менен жакшы дос, санаалаш эле.

Эл менен тез тил табышат эле, Мургаптагы Сельхозтехникада көп жыл "жетекчи" болуп иштеп жүрдү. Акказ ака, кайсы жерде иштебесин, ошол мекеменин ишин алдыга жүргүзүп, алдыңкы катарга чыгарат эле.

Бул киши иштеген ишканалар көптөгөн жетишкендиктерге жетти.

Бүтүндөй област, Республикага чейин башы таанылып турган учурлар болду.

Абдан сабаттуу, "грамотный", көрөгөч адам эле.

Кийин, Ошто автобазада көп жылдар иштеди, ошондо, көптөгөн Мургаптык адамдарга жардамы тийди, "Акказ" деп ким Ошко барса, ошол кишиге барат эле.

Ошто иштеген жеринде да, чоң кадыр-баркка ээ болду, өзүнүн иш билгилигин көрсөтө алды.

Жарык жанган жылдыз кайсы жерде болсо да, өзүнүн жарыгын чача берет экен, бул инсан ошол жылдыздын бири эле.

Бир тарабы Тажик ССРи, бир тарабы кыргыз ССРине эмгеги сиңип Ош-Памир жолунда иштеп, эки улутка "көпүрө" болуп турду, эл достугуна, эл чарбасына көп иштерди жасады.

Үй-бүлөсүндө жакшы жар күтүп, татыктуу уул-кыздарды тарбиялап, уядан учурду. Эми, акырында айтаарым, адам баласы ажалга моюн сунуп өмүрдөн кете берет тура, Акказ аке да, ажалга моюн сунуп, арабыздан кетти, бирок жалпы Мургап, Бадахшан, Ош жергесиндеги тааныш-билиш эл журтунун эсинде түбөлүккө сакталып калды.

Эскерүүнү жазган: Мургаптык аксакал Тойчубеков Жолдош, 77 жашта. Кара-Балта шаары.

## ТОО АРАЛАЙ КЕТКЕН ЖОЛ

Оштон Памир тоолорун карай кеткен жол Алай өрөөнү аркылуу өтөт. Айтылуу Чыйырчык ашуусун ашып баратканда, ашуудан жол боюндагы катар тизилген боз үйлөр, желеге кыдырата байланган кулундар, адырларда жайылып жүргөн үйүр-үйүр жылкылар, сыдырым желге ыргалган түркүн гүлдөр, "бах, чиркин", не бир өзгөчө көрүнүп, Чыйырчык жайлоосу, кымыз жыттанып кереметтүү көрүнөт.

Ашуудан ашкан соң, Гүлчө айылын жол аралап өтөт, шар аккан суунун боюнда жайгашкан Гүлчө айылы күндөн күнгө өсүп өнүгүп, жаңы имараттар салынып, айыл шаарга айланып бара



жатат. Мурдагы эски Гүлчө айылы жок азыр, керемет шаарчага айланган.

Илгери Гүлчөдө, эски тамдар, анан Памир жолуна каттаган жүк ташуучу унаалардын гаражы, айдоочулардын жатаканасы, мончо, унаалардын тетиктерин оңдогон устакана болор эле. Ал кезде, Памирге "ЗиС" деген жүк ташуучу унаалар каттайт эле, Оштон каз катар чыккан "ЗиЛ"дер Гүлчөгө келип тыныгып, айдоочулар тамактанып алгандан соң, анан Памирге жол улачу.

Азыр, ал доор өзгөрдү, Гүлчө шаарчасында "ЫР-КЕСЕ" кафеси салынган, шар аккан дайранын жээгинде жайгашкан "ЫР-КЕСЕ" кафеси азыр айдоочулардын көңүл үшүн тартып турат, ар бир Памирге жөнөгөн жолоочу же айдоочу "ЫР-КЕСЕ"ге кирбей, кыя өтүп, кете албаса керек. Боз үйдүн формасында салынган бул кафе өзгөчө сонун, ичинде не бир түркүн тамактар, шыңкылдап күлгөн жаш официант кыздардын күлкүсү угулат, музыка жай айланып, бөлмөлөрү салкын.

Оо, ал кезде, Мургапка барган жолоочулар Ыр-Кесеге токтоп, бир чер жазып, эс алып, курсагын кампайтып, анан жол улаганын сыймыктануу менен айтып, бир мактанып алар эле.

Биз, Памирде боз балдар, Ыр-Кесеге биз да барган күн болор, биз да эр жетип чоңойгондо, "Ыр-Кесеге барабыз" деп көп ойлойт элек. Ошол жылдар, Ыр-Кесе кафеси өтө модага айланып, Алай-Памир өрөөнүндө атагы алыска кетип турду го, чиркин.

Атам ыраматылык, белгилүү кинорежиссер Дооронбек Садырбаевдин "Ак баранын көз жашы" деген тасмасынын көркөм эпизоддору дал ушул Ыр-Кеседе тартылгандыгын айтып, ан сайын биздин, ага болгон куштарлыгыбызды арттырар эле.

Оо, ал кезде, Памир жолуна каттаган жүк ташуучу унаалардын айдоочулары, колдору темирдей катуу, денелери чымыр, шамал, карды кайраты менен жеңе алган баатыр, алп адамдардай көрүнөр эле. "Оштон Саипбакас келиптир" деп, атамдар кубанып үйгө

айтып келет, апам шашылып үй жыйнап, бизге жаңы таза кийимдерибизди кийиндирип, "аяш атаңар Оштон келиптир, уят, таза кийимиңерди кийгиле" деп, анан өзү да, жаңы кызыл гүлдүү жоолугун салынып, дасторконго бар тапканын жайнатып, анан атам барып Аппаз аяш акенин үйүнөн Саипбакас досун үйгө конокко чакырып келет. Саипбакас аяш атам үйгө киргенде, бир өзгөчө жагымдуу жыт кошо кирет, азыр ойлосом, кымбат атыр себинет бекен, аяшатам баарыбыздын бетибизден сүйүп, колубузга таттуу карматат эле.

Ал кишинин бети ак, өңү сулуу, колдору жумшак бир башкача сезилер эле.

Ал кездерде, "Саипбакас (Акказ) Оштон келиптир" деген сөз айылдын башынан аягына чейин заматта дүң этип, чоң жаңылык болчу.

Айылдын жаш жигити, аксакал карыясы, келин-кызы, ак саамай энелер, баары ал кишини өзгөчө урмат кылып сыйлайт эле.

Ал мезгилде, Памирден Ошко келип кетүү чоң жаңылык болчу, "баланча Ошко барып келиптир" десе, баарыбыз ошол Ошко барган адамды таңыркай карачубуз, ал Ошко барып келген адам да, бир башкача көрүнүп, ак жуумал тартып, жашара түшкөндөй сезилчү бизге.

Саипбакас аяш атам айылга бир жылда бир же эки жолу келчү. Ал жакта бир туугандары бар, классташтары, достору, бирге чоңойгон санаалаштары бар, анан баары үйдөн чакырып, дасторконун жайып конок кылчу. Кээде, ал кишинин үйүнө чакыра тургандар кезекке туруп калар эле, ал киши кезек менен ар бир чакырган үйгө сөзсүз барып, чайын ичип, кетер эле.

Ушул кезге чейин менин эсимде калганы, биздин айылга ким келсе, ошону ар бир үй конокко чакырат эле. Аталарыбыз айтып калар эле, "Баланчанын үйүнө тууганы келиптир", же "Оштон досу



келиптир, чайга чакырып кел", "чай берип коёлу" деп айтышар эле.

Азыр ойлосом, ошол мезгилде адамдардын адамдык сапаты, меймандостугу, ак көңүлдүгү, кең пейилдиги өтө жогору болгон экен.

Азыр да, мен шаардан Памир тоолорундагы айылыма барсам, ошентип баары чайга чакырышат.

Бул тоолук элдин калыптанып калган каада-салты деп ойлойм.

Эми ал кездер, биздин жан дүйнөбүздөн кетпей, түбөлүк сакталып калды. Андан бери, канча жылдар өттү, канча суулар акты, көп асыл адамдар бул ааламдан өтүп кетишти, бирок бир гана элестер түбөлүк жүрөктө калды.

Мен азыр ойлосом, ошол учурлар жакшы болгон экен, баары жөнөкөй, баары жасалмасыз болгон тура.

Азыр да, көз алдыма тоолор, тоо аралай кеткен жолдор тартылат, кээде түшүмө кирет.

Мен, Чөжө атамдын достору: Саипбакас, Ташбай, Нажи, Анарбай, Акмат, Эргеш, Өмүрбек, Анвар жана башкалардын элесин, дал ушул Алай-Памир тоолорунан көрөм.

Отуруп өткөнгө көз чаптырсам, алдыда Улуу тоолорго жол салып, Саипбакас аяш атам бара жатат, артында достору, курдаштары, замандаштары, ошол тоо жолу менен кайдадыр бир бийикке, сапарга улашыптыр. Көрсө, алар ошол бийик тоолорго кеткен жолдор менен барып, андан ары жылдыздарга учуп кетишкен тура.

Алар, азыр ар бир жылдыздын жарыгында тээ төмөн өздөрү басып, өткөн тоо жолдорун карап отурушат. Мен үчүн алтын доордун асыл адамдары тирүү, алар бийик тоо жолдору аркылуу көктөгү жылдыздарга сапарын улап кетишкен.

# КАЙБЕРЕН КУУГАНДАР

*(Бул көркөм чыгарма Саипбакас агабыздын жаркын элесине арналат)*

Памир тоолорунун чокусунан күн кызарып, жаңы гана чыгып келе жатканда, тээ бийиктеги ак карлуу чокулар кызыл түстүү нурларга чагылышып бир өзгөчө көзгө тартылат.

Таң агарганда суу ичкени төмөн көздөй булакка келген кийиктер, чаңкоосун кандырып, кайра бийиктеп Кең-Төрдүн төрүн көздөй кетип барат жатышат.

Кайберен кийиктер суу ичкен булактар, жарым чакырымдай узак аралыктагы, үйдөй болгон кара таштын далдаасында, эки караан, таштын артына жашынып, эч кимге шек алдырбай отурат. Ташка жашынган эки адам колдорунадагы дүрбүлөрүн көзгө тартышып, топ-топ болуп бара жаткан кийиктерди бирден сүзүп тиктейт.

Алар кийиктерди шашпай, ар биринин кыймыл аракетин байкап, көз алдыларынан дыкат өткөрөт.

Таштын артына шек-шыбышсыз бекинген бул эки караанды, кийиктер көздөрү көрбөсө да, жүрөктөрү сезгендей, улам-улам селт этип, ошол жактан шек санагандай тиктеп узап баратышты.

Бул эки караан ким? Аскасы асман тиреген Памир тоолорунун коюнунда жашынып эмне кылып жүрүшөт?

Кош колдоп, дүрбү салып, кийиктерди аңдып жатканына караганда булар соо эмес.

Балким, кайберен кийиктерди атып, этин кызылдай "пулдашып" жүргөн шылуун мергенчилер болуп жүрбөсүн.

Тоонун сыдырым соккон шамалына аралашып, шыбак, боз от, "терскен" жана башка ар туркун чөптөр шуудурап, күздүн күнү бышып, кургаган гүлдөрдүн жыты, не бир керемет аңкып турат.



Эки караандын кийимдери жер, чөп, тоо, топуракка атайын окшоштуруп тигилген боз, чаар, ала жер түспөлдөш кийимдер, эч бир жан дааналап тиктебесе, көрө албасы турган иш.

Жок, жоок, булар кайберен этине шилекей чуурутуп кызыкчулардан эмес эле. Булардын көзүн кызартып, көңүлүн тарткан кайберендин мүйүзү эле. Бул жер түспөл, сары-ала кийим кийгендер, чоң-чоң кулжа-текелердин шаа мүйүздөрүн кызылдай "пулдап", дүйнөгө көзү тойбогон эки буттуу, адам кейпиндеги жырткычтар эле.

Бул эки сары-ала кийимчен мергендер, бул Памир тоолорунун жылга- жыбыт, кокту-колот, коён жатагына чейин беш колдорундай билет, жылда күз айларында тоого чыгып келишип, кайберен кийиктердин сары изине чөп салып, артынан сая кууп жүрүп, кулач мүйүз кулжа-текелерди атып, баштарын кесип кетишет.

Булар үчүн чоң мүйүздүү текелер, кулжалар керек, каркайган шаа мүйүздүүлөр булар үчүн кызылдай олжо.

Чоң мүйүздөрдү чет элден келген атайын кардарларга кызылдай "доллар, эврого" сатышып, булар байлыкка туйтунушат.

Эки кабаттуу үйлөр, экиден жол тандабас машина, ээ койчу, булар, ушул адам келгис бийик тоолордон, адамдын оюна келбеген, олжолуу байлыктын жолун таап алышкан.

Азыр да, таш бооруна жашынып алып, ар бир кулжа-текелердин мүйүздөрүн санап, ченеп отурушат.

Булар көңүлүнө жаккан чоң мүйүздүүлөрдү кезикканче, ушинтип күтүп, далай кечти киргизишет.

Акыры, көзгө илээшип, көңүлгө толгон, чоң өлчөмдүү мүйүздүү кулжа-текелер кезиккенде, аны сая кетирбей, кош дүрбүндүү, алыска тиер чоң мылтыктары менен жайлашып, акыры алып кетишет.

Бийик чоку Памир тоолорунун арасында, илгери, не бир чоң-чоң кулач мүйүз кулжалар, текелер топ-топ болгон кийиктерди ээрчитип, чыйыр салып, жол баштап жүрөр эле.

Кийинки күндөрү мүйүзү кулач кайберендер, бирин серин көзгө урунуп калды, аларды көрөр замат, көзгө көрүнбөгөн сары-ала кийимчен жырткычтар, дароо атып, башын кесип кетип жатат.

Адам баласы мындай жырткычтык аң-сезим менен, акча үчүн кулжа-текелерди кырып, жок кыла берсе, бир канча жылдардан кийин, кайберен кийиктер деле жок болуп кетиши толук ыктымал.

Бул дүйнөдө адамдан өткөн жырткыч, таш боор жандык жок тура.

Акча, байлык үчүн адам баласы табиятты талкалап, баарын кырып, жеп сатып, жок кылмай болушту.

Памир тоолорунун чокусунан күн кызарып, батып бара жатты, үйдөй кара таштын артына жашынып, эки мүйүздүү кайберендерди аңдып отурганы отурган.

Тээ жылганын төрүнөн бери карай, дагы бир топ аркарлар келе жатышты, бирок булардын арасында кулач мүйүз, чоң кулжалар жок эле.

## КЫЗЫЛ КАРЫШКЫРЛАР

*(Көркөм чыгармалар Саипбакас агабыздын жаркын элесине арналат)*

Памир тоолорунун арасында карышкырлар көп, алар топ-топ болушуп, кээде жалгыздап жүргөндөрү да кезигет, өңдөрү дээрлик көгүш тартып, күзүндө кара көк тартып, жүндөрү жылтырап ал эми кыштан араң-араң жанын сактап чыкканы, агыш көк түс тартып, тыбыты арам өлгөн текенин тарпындай уйпаланып, ала тарп болуп түлөйт.



Бул ак карлуу тоолордун арасында, эгерим кызыл карышкыр жок эле.

Күндөрдүн бир күнүндө кызыктай бир окуя болду.

Тоолорду жаңыртып күркүрөгөн добуш чыгып, асмандан тик учак көрүндү.

Тик учак тоолордон төмөндөп барып, Күңгөй-Коктуга конду, тик учактан түшкөн үч-төрт адам, эки чоң темир тор үкөктү көтөрүп жерге түшүрүштү.

Үкөктөрдүн капкагын ачканда, биринен ургаачы (канчык) карышкыр, ал эми экинчи үкөктөн эркек (дөбөт) карышкыр сыртка суурулуп чыга жөнөштү.

Бирок бул бөрүлөр адаттагыдан өңдөрү өзгөчө кызыл өңдө эле.

Илгери, кийин, бул чөлкөмдө түлкү түспөл кызыл бөрү болгондугун эч ким көрбөгөн.

Тик учак күркүрөгөн бойдон кайра учуп, заматта тоолордун артына жашынып, көздөн кайым болуп кетти. Кош-түгөй кызыл карышкырлар Памир тоолоруна келген өзгөчө чоочун жандыктар эле.

Тоо арасындагы жан-жаныбарлар бул жандыктарды алгач көргөндө таң кала тиктешип, анан селт этип үркүп, жолобой узап кетер эле.

Буларга кыйын эле болду, же жергиликтүү көк карышкырларга кошула албайт, же өздөрүнүн топтошуп жүргөн үйүрү жок.

Улуу тоолордун арасында эки кызыл карышкыр чоочун болду. Булардын башынан далай кыйынчылыктар өттү, бул жердин тоо шартын жана жаныбарлардын сырын билбегендиктен нечен ачка калышты, адатта эки кызыл карышкыр топ-топ болуп жүргөн көк жал карышкырлардай улай салып, кууп отуруп, акырын аркар-кулжаларды басып жегенге дарман күчү да, андай тажрыйбасы да, жок эле. Дагы, ошол көк жал карышкырлар буларды жеп албаганына шүгүр, нечен топтошуп келип, ыркырашып, тиштерин

көрсөтө айбат кылышып, анан кайра ырайым кылып, “кой... силер деле, сырткы өң-түсүңөр өзгөчө болгонуңар менен, биздин карышкырлар уругунан экенсиңер, эптеп күн көрүп көбөйүп, жашооңорду улантkыла” дегендей кылып, кайра артка тартып кетишти.

Кызыл карышкырлар тиштеринин кирин соруп, түлкүчөсүнөн эптеп өлгөн малдын тарпын аңдып, же канаттуу куш, майда бир нерселердин өлүмтүгүн жеп, күн көрүштү.

Алар Памир тоолорунун коюнунда, же чоң көк жал карышкыр эмес, же кичинерээк түлкү эмес, арасатта ээрчишип жүргөн бир жандык эсебинде болушту.

Алар көк жалчасынан басып жей албаган соң, түлкүчөсүнөн уурулукка, анан да, аңдып шимшилеп жүрүп, өлүп калган муздак тарп жеп жашоо улантышты.

Бул кызыл карышкырларды “көбөйсүн, тукум уласын” деп, атайын алыскы өлкөлөрдөн токойдон алып келишкен эле, бирок бул тоолордун арасында канча жыл жансактап жүргөн, кош-түгөй кызыл карышкырлар, эмнегедир тукум улап көбөйүшпөдү.

Бул кызыл карышкырлардын бул асман тиреген тоолордун арасында тукум уланып көбөйүп, үйүр-үйүр болуп, жашоо улап кетпегени, бир гана улуу табиятка маалым эле.

Ал эми, адам пендеси үчүн түгөй кызыл карышкырлардын (бир канча жыл өтсө да), Памир тоолорунда көбөйүп, көк жал карышкырлардай болуп, топ-топ болуп кетпегени, сырдуу табышмак бойдон калды.

Арадан бир топ жыл өттү, Памир тоолорунун арасында ээрчишип жүргөн, келгин кызыл карышкырлар, эмнегедир көрүнбөй калды.

Алардын бул жерден орун-очок алып, тукум улап кете алышы болбой турганына көздөрү жетип, кайра кетип калыштыбы, же



тоолук мергендерге олжо болуп кеттиби, же кокту-колотто эптеп курсагын тойгузуп, жан сактап жүрүшөбү, ал жагы белгисиз.

Ошентип тик учак менен атайын алып келинген кош-түгөй кызыл карышкырлар көбөйө алышпады, болбосо ар жайытта кокту-колоттордо топ-топ, үйүр-үйүр болуп жүрүшмөк. Кызыл карышкырлар миңден бир адамга кезикпесе, учурда эч кимге көрүнбөй деле калды.

## САИПБАКАС АГАБЫЗДЫН КОЛ ЖАЗМАЛАРЫ



Биз Саипбакас агабыздын өз колу менен жазган дептерин барактап отуруп, эч кандай өзгөртүүсүз көчүрүп китеп бетине түшүрүүнү туура көрдүк. Бул кол жазма дептерде адам аттары жана даталар жазылыптыр. (Өзгөртүүсүз берилди).

Кол жазмалар, жазган Турдубеков Саипбакас:

Атам Мантаев Турдубек (Майбаш) 61-жашында өттү. 1897-1958.

Энем Гожобаева Орол 72-жашында өттү. 1903-1975.

Карындашым Турдубекова Шарапат 35-жашында өттү 1946-1981.

Агам Турдубеков Аппаз 49-жашында өттү, 1939-1988.

Эжем Турдубекова Тилла 29-жашында өттү, 1926-1955.

Эжем Турдубекова Карачач 49-жашында өттү, 1937-1986.

Үкам Турдубеков Анарбай Аппазович 39-жашында өттү, 1967-2006.

10.2014-Кайрыл экөөбүз ажыга бардык. Ата-энем Чоң-Алайдан Мургапка 1925-жылы келген экен. 16.09.1966-мой последний бой по боксу. 16.09.1966-Защитил дипломную работу по двигателю 3 класса. 14.08.1967-Получил диплом. 30.09.1967-первый написал письмо Сатыбалды тага. //Неберелеримдин жети атасы. Уруубуз Жаманаң, Тейит уруусуна киребиз. 1-Макаш, 2-Жаманаң, 3-Жалантай, 4-Кенжебай, 5-Маматбек, 6-Мамаке, 7-Ибраим, 8-Мантай, 9-Турдубек, 10-Саипбакас (Акказ), 11-Нурланбек, ///

Тууганларымдын үй-бүлөсү боюнча: Аззам, балдары - Миталип, Фарида, Адыл, келиним Умгүлсүн. Үкам Каландар, балдары Каныбек, Касым, Эркинбек, Бегимай, Баатырбек, Келиним Гулуйпа. Анарбай үкам келиним Уулбү балдары Эрдөөлат, Зулайка, Карындашым Урмат күйө балам Асилбек балдары- Чынар, Тумар, Бакир, Ыкбалбү. Карындашым Гүлжан үкам Жаркынбай балдары-Кахар, Захар, Болдухан, Баходур. Карындашым Гүлхан күйөөсү Султан балдары-Дилбар, Бүбүзайнап, Абжамил. Бир боор тууганларым - Орозбай, Көчкөнбай, Ташбай, Бурмачач, Назик, Орозбай-Пазан балдары Базарбай, Искендер, Ташбай-Ырыс балдары Балтабай, Марзия, Жаркынбай, Туратбек. Балтабай-Аширбүү балдары, Жузумкан,



Мыйман, Алымкан, уулу Сүйүн. Марзия-Казакбай балдары, Айхан, Саадатбүбү, Келдихан, Мырзабек, Жумагүл. Жаркынбай-Гулжан балдары, Кахар, Захар, Болдукан, Туратбектен-Роза, Рахима, Рахман, Раяна. Бурхан Бурмачач тууганларымдан балдары-Кымкап, Таалайбек, Бактыбек, Өмүрбек, Гулдар, Ыхбалбек, Айчүрөк. Кымкап -Козубайдан Айканыш, Айзат, Мухаммед. Таалайбек Зулфиядан балдары, Гүлкайыр, Абдыганы, Айзирек, Кыял, Нуриза. Бактыбек-Өмүрхандан балдары, Улукбек, Абдуразак, Наргиза. Өмүрбек-Майрамхандан Куштарбек, Абдурахим. Гүлдар Мамасалидан балдары Нурлан, Кадыр, Абдулло. Ыхвалбек-Наватхандан балдары Жылдыз, Мадина, Айчүрөк, Турдубек. Назик-Туркеден балдары Кеңеш, Динара, Келдибек. Динара-күйөөсү Батыр Жолдошбаев балдары, Азамат, Тереза, Улукбек. Келдибек-Гүлбурактан балдары Ташбүбү, Ак Тилек. Көчкөнбай-Атишбүбү балдары Алтынбек, Асилбек, Садирбек, Алмагул, Нүргүл, Ак Тилек. /////

Жазган Турдубеков Саипбакас: Август 2011-жыл, 50-жылдык юбилей. 64-окуучу болгонбуз. Акказ Турдубеков, Назирдин Эгемкулов, Мыйман Маматалиева, Андаш-Кызыл-Кыя, Апжапаров Райымберди Беловодск, Мургапта- (Ырысбай Ысаков 2015-өттү). Сайит Тажалиев, Амирбек Мыйманов ~2018-өттү, Камар Калмурзаев ~2019. Самар Сейдахматова 2019, Жайчибек Беркмаматов (Аличор). Айсерек жеңе Ыраң-Көл 2019, Арыкбай Дүйшеев (Мадиян) 2015. Абдыш Ахмедшарипов 2017. Турдукулов Тагайбек (Аличор), Давлатбек Асадбеков, Нусрат, Ажайыпхон, Сонун Аматова (Токтомуш), Ташбүбү Жутанкиева, Маманазаров Токтор (Ыраң-Көл), Минаев Манас (Аличор), Гүлхан Чыныбаева (Токтомуш), Харыбек Анарбаев (Кара-Балта), Паязов Боркош (Ыраң-Көл), Говар Токторова (Токтомуш), Бабаназар Каримов (Кара-Көл), Тажикбай Темиров, Жума Алахунов (Кызыл-Кыя), Куруш Беккелдиев (Чоң-Алай), Бердияр Таабалдыев (Келечек),

Кол жазмалар, жазган Турдубеков Саипбакас:

Атам Мантаев Турдубек (Майбаш) 61-жашында өттү. 1897-1958.

Энем Гожобаева Орол 72-жашында өттү. 1903-1975.

Карындашым Турдубекова Шарапат 35-жашында өттү 1946-1981.

Агам Турдубеков Аппаз 49-жашында өттү, 1939-1988.

Эжем Турдубекова Тилла 29-жашында өттү, 1926-1955.

Эжем Турдубекова Карачач 49-жашында өттү, 1937-1986.

Үкам Турдубеков Анарбай Аппазович 39-жашында өттү, 1967-2006.

10.2014-Кайрыл экөөбүз ажыга бардык. Ата-энем Чоң-Алайдан Мургапка 1925-жылы келген экен. 16.09.1966-мой последний бой по боксу. 16.09.1966-Защитил дипломную работу по двигателю 3 класса. 14.08.1967-Получил диплом. 30.09.1967-первый написал письмо Сатыбалды тага. //Неберелеримдин жети атасы. Уруубуз Жаманаң, Тейит уруусуна киребиз. 1-Макаш, 2-Жаманаң, 3-Жалантай, 4-Кенжебай, 5-Маматбек, 6-Мамаке, 7-Ибраим, 8-Мантай, 9-Турдубек, 10-Саипбакас (Акказ), 11-Нурланбек, ///

Туугандарымдын үй-бүлөсү боюнча: Аззам, балдары - Миталип, Фарида, Адыл, келиним Умгүлсүн. Үкам Каландар, балдары Каныбек, Касым, Эркинбек, Бегимай, Баатырбек, Келиним Гулуйпа. Анарбай үкам келиним Уулбү балдары Эрдөөлат, Зулайка, Карындашым Урмат күйө балам Асилбек балдары- Чынар, Тумар, Бакир, Ыкбалбү. Карындашым Гүлжан үкам Жаркынбай балдары-Кахар, Захар, Болдухан, Баходур. Карындашым Гүлхан күйөөсү Султан балдары-Дилбар, Бүбүзайнап, Абжамил. Бир боор туугандарым - Орозбай, Көчкөнбай, Ташбай, Бурмачач, Назик, Орозбай-Пазан балдары Базарбай, Искендер, Ташбай-Ырыс балдары Балтабай, Марзия, Жаркынбай, Туратбек. Балтабай-Аширбүү балдары, Жузумкан,



Мыйман, Алымкан, уулу Сүйүн. Марзия-Казакбай балдары, Айхан, Саадатбүбү, Келдихан, Мырзабек, Жумагүл. Жаркынбай-Гулжан балдары, Кахар, Захар, Болдукан, Туратбектен-Роза, Рахима, Рахман, Раяна. Бурхан Бурмачач туугандарымдан балдары-Кымкап, Таалайбек, Бактыбек, Өмүрбек, Гулдар, Ыхбалбек, Айчүрөк. Кымкап -Козубайдан Айканыш, Айзат, Мухаммед. Таалайбек Зулфиядан балдары, Гүлкайыр, Абдыганы, Айзирек, Кыял, Нуриза. Бактыбек-Өмүрхандан балдары, Улукбек, Абдуразак, Наргиза. Өмүрбек-Майрамхандан Куштарбек, Абдурахим. Гүлдар Мамасалидан балдары Нурлан, Кадыр, Абдулло. Ыхвалбек-Наватхандан балдары Жылдыз, Мадина, Айчүрөк, Турдубек. Назик-Туркеден балдары Кеңеш, Динара, Келдибек. Динара-күйөөсү Батыр Жолдошбаев балдары, Азамат, Тереза, Улукбек. Келдибек-Гүлбурактан балдары Ташбүбү, Ак Тилек. Көчкөнбай-Атишбүбү балдары Алтынбек, Асилбек, Садирбек, Алмагул, Нүргүл, Ак Тилек. /////

Жазган Турдубеков Саипбакас: Август 2011-жыл, 50-жылдык юбилей. 64-окуучу болгонбуз. Акказ Турдубеков, Назирдин Эгемкулов, Мыйман Маматалиева, Андаш-Кызыл-Кыя, Апжапаров Райымберди Беловодск, Мургапта- (Ырысбай Ысаков 2015-өттү). Сайит Тажалиев, Амирбек Мыйманов ~2018-өттү, Камар Калмурзаев ~2019. Самар Сейдахматова 2019, Жайчибек Беркмаматов (Аличор). Айсерек жеңе Ыраң-Көл 2019, Арыкбай Дүйшеев (Мадиян) 2015. Абдыш Ахмедшарипов 2017. Турдукулов Тагайбек (Аличор), Давлатбек Асадбеков, Нусрат, Ажайыпхон, Сонун Аматова (Токтомуш), Ташбүбү Жутанкиева, Маманазаров Токтор (Ыраң-Көл), Минаев Манас (Аличор), Гүлхан Чыныбаева (Токтомуш), Харыбек Анарбаев (Кара-Балта), Паязов Боркош (Ыраң-Көл), Говар Токторова (Токтомуш), Бабаназар Каримов (Кара-Көл), Тажикбай Темиров, Жума Алахунов (Кызыл-Кыя), Куруш Беккелдиев (Чоң-Алай), Бердияр Таабалдыев (Келечек),

Кол жазмалар, жазган Турдубеков Саипбакас:

Атам Мантаев Турдубек (Майбаш) 61-жашында өттү. 1897-1958.

Энем Гожобаева Орол 72-жашында өттү. 1903-1975.

Карындашым Турдубекова Шарапат 35-жашында өттү 1946-1981.

Агам Турдубеков Аппаз 49-жашында өттү, 1939-1988.

Эжем Турдубекова Тилла 29-жашында өттү, 1926-1955.

Эжем Турдубекова Карачач 49-жашында өттү, 1937-1986.

Үкам Турдубеков Анарбай Аппазович 39-жашында өттү, 1967-2006.

10.2014-Кайрыл экөөбүз ажыга бардык. Ата-энем Чоң-Алайдан Мургапка 1925-жылы келген экен. 16.09.1966-мой последний бой по боксу. 16.09.1966-Защитил дипломную работу по двигателю 3 класса. 14.08.1967-Получил диплом. 30.09.1967-первый написал письмо Сатыбалды тага. //Неберелеримдин жети атасы. Уруубуз Жаманаң, Тейит уруусуна киребиз. 1-Макаш, 2-Жаманаң, 3-Жалантай, 4-Кенжебай, 5-Маматбек, 6-Мамаке, 7-Ибраим, 8-Мантай, 9-Турдубек, 10-Саипбакас (Акказ), 11-Нурланбек, ///

Тууганадарымдын үй-бүлөсү боюнча: Аззам, балдары - Миталип, Фарида, Адыл, келиним Умгүлсүн. Үкам Каландар, балдары Каныбек, Касым, Эркинбек, Бегимай, Баатырбек, Келиним Гулуйпа. Анарбай үкам келиним Уулбү балдары Эрдөолат, Зулайка, Карындашым Урмат күйө балам Асилбек балдары- Чынар, Тумар, Бакир, Ыкбалбү. Карындашым Гүлжан үкам Жаркынбай балдары-Кахар, Захар, Болдухан, Баходур. Карындашым Гүлхан күйөөсү Султан балдары-Дилбар, Бүбүзайнап, Абжамил. Бир боор туугандарым - Орозбай, Көчкөнбай, Ташбай, Бурмачач, Назик, Орозбай-Пазан балдары Базарбай, Искендер, Ташбай-Ырыс балдары Балтабай, Марзия, Жаркынбай, Туратбек. Балтабай-Аширбүү балдары, Жузумкан,



Мыйман, Алымкан, уулу Сүйүн. Марзия-Казакбай балдары, Айхан, Саадатбүбү, Келдихан, Мырзабек, Жумагүл. Жаркынбай-Гулжан балдары, Кахар, Захар, Болдукан, Туратбектен-Роза, Рахима, Рахман, Раяна. Бурхан Бурмачач тууганадарымдан балдары-Кымкап, Таалайбек, Бактыбек, Өмүрбек, Гулдар, Ыхбалбек, Айчүрөк. Кымкап -Козубайдан Айканыш, Айзат, Мухаммед. Таалайбек Зулфиядан балдары, Гүлкайыр, Абдыганы, Айзирек, Кыял, Нуриза. Бактыбек-Өмүрхандан балдары, Улукбек, Абдуразак, Наргиза. Өмүрбек-Майрамхандан Куштарбек, Абдурахим. Гүлдар Мамасалидан балдары Нурлан, Кадыр, Абдулло. Ыхвалбек-Наватхандан балдары Жылдыз, Мадина, Айчүрөк, Турдубек. Назик-Туркеден балдары Кеңеш, Динара, Келдибек. Динара-күйөөсү Батыр Жолдошбаев балдары, Азамат, Тереза, Улукбек. Келдибек-Гүлбурактан балдары Ташбүбү, Ак Тилек. Көчкөнбай-Атишбүбү балдары Алтынбек, Асилбек, Садирбек, Алмагул, Нүргүл, Ак Тилек. /////

Ал жолдогу көргөн, укканын баарын төкпөй, чачпай атасына айтып берет, Нажимидин аксакал, уулу менен кошо Памирге барып келгендей болот.

Алыстан Ак Байтал ашуусу көрүнүп турат, аркарлар тээ бийик чокуларга карай кетип жатты, тээ төмөн жолдо ЗиЛдер биринин артынан бири Оштон - Мургапка, Мургаптан-Ошко карай каз катар тизилип сапарын улап бара жатат.

Анвар сыяктуу жүздөгөн айдоочулар үйүнө, үйүнөн Памирге сапарын улайт.

Памир тоо жолдору, бул түгөнгүс өмүр жолун улаган бүтпөс сапар. Бул жолдордо, адам баласы жүздөгөн кылымдар бою тирүүлүк сапарын улап келет. Илгери ушул тоо жолдорунда төө, ат менен кербендер жүргөн, азыр, мына мынтип көк кашка ЗиЛдер жүрөт. Мына ушинтип тоо жолундагы өмүр сапары улана берет, улана берет адам баласы, тирүү турганда бул өмүр сапары эч качан, эч качан токтобойт.

Памир тоо жолдору – бул бийиктеги ак жылдыздарга кол сунган жол.

Ак Байтал ашуусунда асмандагы ак жылдыздар, аппак болуп жаркырап, кол сунса жетчүдөй болуп турат.

Бул бийик тоо аралай кеткен жолдордун элеси менен жазылган аңгеме Памир тоолорунун өчпөс жарык жылдызы, Памир жолунда бир канча жылдар эмгектенген Саипбакас Турдубековго арналат.

## ЧАЙ ҮСТҮНДӨ




Саипбакас аке экөөбүз Ош шаарында жолугушуп, бир ыңгайлуу жерден чай ичүүнү макулдаштык.



Ал киши менен учурашкандан кийин, мени түз эле “Памир” кафесине (илгерки ПАТУ) алып барды. “Памир” кафесинин ички жасалгасы жана тамак ашы да мага өзгөчө жакты.

Биздин, дал ушул “Памир” кафесинде отуруп, чер жазыша сүйлөшүп маектешкенибиз, ошондо акыркы жолу болгон экен, аттиң, ошол чайлашуубуздан кийин, биз көрүшпөдүк, ал киши бир канча убакыттан кийин бул ааламдан өтүп кетти.

Ал кишинин мага “Памир” кафесинде айткандарына караганда, бала кезинде каны аз, өңү куп-куу болуптур, “бир күн катуу ооруп калдым” дейт, “каным жок, өңүм азгын, же кыймылдаганга дарманым жок” дейт.

Анан атасы Турдубек Мадияндын “Жылуу-Суу” деген мазарына алып барат, ал кезде Жылуу-Суу мазарына жетип барар машине жол жок экен, эптеп Мадияндын тээ төмөн дарыянын жээгинде жайгашкан “Ак Тал” деген айылында түнөп, анан эртеси ат-өгүз менен мазарга алып келет, мазарда бир күн түнөп, атайын арнап алып келген тамак-ашын ошол жерде жеп мазарга тооп кылып, Жылуу-Суунун суусуна түшүп, анан кайра кетишет, “Ошол болду, мен кайра барганда, күндөн күнгө айыгып, өзүмө келе баштадым” дейт. “Тообо, мына карабайсыздарбы! Андан кийин, канча жылдар өттү, мен студент болдум, окууну аяктадым, көп жерлерде иштедим, эми бул да, бул саясий кудайдын буйругу экен, бирок кудай алдында мен ошол мазарга барып, жакшы болуп кеткенмин, бул да болсо, кудайдын буйругу экен” деп айтып берди.

“Кудай бешенеге жазган экен, көп жакшы адамдар менен жолдош болдум, үзөңгүлөш болуп бирге иштедим, кудайым насип кылган жакшылыктарын көрдүм, уул-кыздарымдан небере көрдүм, эми менин эч арманым жок, болгону тээ алыста Душанбеде бир карындашым калды, ал өзү такыр сүйлөй албайт, ошол жакта бирөөгө турмушка чыккан, бирок менин жүрөгүмдү

эзгени, ошол бир боорум алыс калды” деп, көп сөздөрдү айтып берди.

Ээх, аттиң, көрсө, биз Ош шаарындагы “Памир” кафесинде отуруп, сырдашып чай ичкенибиз акыркы жолу болгон экен.

Бейиши болгур Саипбакас аяш атам, ошондо чын дилинен агылып төгүлүп, баардык башынан өткөргөн күндөрүн айтып, балалык, не бир күндөрүн эскерип берген эле.

Азыр эми, мен ошол эскерүүлөрдү эстеп отуруп, ушул инсанга арналган китепти жазып отурам.

Аттиң, “кечээ көргөн, бүгүн жок” деген сөз чын тура, сиздин асыл сөздөр эми мынтип эскерүүлөрдө калды

Бул эскерүүлөрдү биздин келечек муун окуп, өз баасын берер, өткөн доордун ак-карасын ылгап алар, бирөө чыгар.

Биз, ошондо, “Памир” кафесинде Памир тоолорундагы өткөн бүтүндөй бир өмүрдүн баяндамасын уккан экенбиз.





# БИЙИКТЕ ЖАНГАН ЖЫЛДЫЗДЫН ТҮГӨЙҮ

*(Турдубеков Саипбакас агабыздын өмүрлүк жары жөнүндө)*

Султанова Кайырбүбү 1954-жылы Мургап районунун КараКөл айылына караштуу Жаңы-Жер айылында туулган.

Атасы: Арапбаев Султан, энеси: Турдиева Сажида, бир туугандары: Султанова Гулайым, Кантайым, Даткайым, Караматбүбү, Авазбек, Ырыс, Айчүрөк, Асылбек.

Аталган айылда сегизинчи класска чейин окуп, андан соң Мургап районундагы Ленин атындагы номер биринчи орто мектепти 1971-жылы аяктаган.



1971-1975 жылдары Душанбе шаарындагы Педагогикалык институтунун Психология факультетин бүтүргөн.

1975-жылдары Кара-Көл айылындагы Чкалов атындагы мектепте андан соң Мургап районундагы Ленин атындагы мектептерде келечек муундарга билим берип агартуу тармагында эмгектенген.

Тагдыр буюруп үй-бүлөсү менен Ош шаарына көчүп келгенден кийин, Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Кыргыз-Чек айылындагы “Интернационал” орто мектебинде ардактуу эс алууга чыкканга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Султанова Кайырбүбү дээрлик кырк жылдай өмүрүн агартуу тармагына арнаган инсан. Аял заты үчүн үй-бүлө менен

агартуучулук кызматты бирдей эриш-аркак алып кетүү бул чоң түйшүк, бирок Кайырбүбү эжебиз үй-бүлөнү жана агартуучулук кызматты да бирдей алып кете алды.

"Аял жакшы – эр жакшы. Вазир жакшы – хан жакшы" дегендей Саипбакас агабыздын колуна кол, бутуна бут болуп, ар дайым жаштайынан жанына караан болуп жүрдү. Эжебиз агартып уул кызартып кыз тапты, аларды чоңойтуп өстүрүп татыктуу уул кыз кылып тарбиялады. "Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат" дегендей, бул үй-бүлөдөн татыктуу мыкты инсандар чыкканын баарыбыз жакшы билебиз.




Жараткан Саипбакас агабыздын Кайырбүбүдөй эжебизге жолуктуруп экөөсүн түгөй кылып кошкону бул бир чоң үй-бүлөнүн тоодой жакшылыгы болду.

"Аккан арыктан суу агат" дегендей, мындан кийин дагы ушундай асыл адамдардын урпагы уланып уюткусу үзүлбөсүн.

"Келечек муундар жакшы адамдардын жолун уласын" деген тилек менен биз Турдубеков Саипбакас агабыздын өмүрлүк жары Султанова Кайырбүбү эжебизге баш ийип таазим кылабыз.






Уул-кыздардын жакшылыгын, неберелердин күлкүсүн көрүңүз.

Арыбаңыз!!!

Бар болуңуз!!!

# ТУРДУБЕКОВ САИПБАКАСДЫН КЫЗЫ ТУРДУБЕКОВА АЙТБҮБҮ

Турдубекова Айтбүбү Саипбакасовна 1972- жылы туулган. Үй-бүлөлүү, Илимбек жана Жаннат аттуу эки перзенти бар.



Турдубекова Айтбүбү Биология Илимдеринин кандидаты. 1994-1997жылдары Кыргыз Мамлекеттик дене-тарбия жана спорт академиясында (КМДТСА) лаборант.

1997-2000-жылдары КМДТСА Аспирантура жана мугалим.

2000-2004-жылдары КМДТСА кафедрада биохимия мугалими.

2005-жылдары Педагогика факультетинде декандын орун басары.



2004-2005-жылдары И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик медициналык академиясынын фундаменталдык дисциплина кафедрасында окутуучу.

2006-2009-жылдары КММА ага окутуучу.

2009-2012-жылдары КММА ага окутуучунун милдетин аткаруучу.

2013-жылдан баштап доцент, азыркы убакка чейин.

Билими жана тренингдер.

2013-жыл- "Доцент" биохимия боюнча диплом.

2009-жыл-TEMPUS TASIS Workshop "о переходе на кредитные технологии обучения" (Кыргыз Республикасы. Бишкек) сертификат.

2006-жыл-TEMPUS TASIS Workshop to Establish Mobilelarized Study Struktures in Kyrgyz Universities (Wemosk) (Кыргыз Республикасы Талас шаары), сертификат.

1997-2000-жылдары КМДТИнин аспирантурасын бүтүрүү.

Публикациялар.

Илимий журналдарда, конференциялардын жыйнактарында 24-статья чыгарылган.

"Биохимия" жана "Спорт биохимиясы" деген үч китеби жана беш методикалык пособиясы жарык көргөн.

Учурда үй-бүлөсү менен Бишкек шаарында жашайт.







# АТАНЫН ТАТЫКТУУ УУЛУ

Турдубеков Нурланбек Саипбакасович- 27.02.1977 жылы туулган, үч жылдай Мургапта башталгыч орус класста окуп, атасынын жумушуна байланыштуу Ош шаарына көчүп келип,



Оштогу орус мектепти улантып окуган. 1990 жылы Ош коогалаңына байланыштуу Кыргыз-Чек айылына көчүп келишип, мектептин акыркы жылдарын ушул жерде артыкчылык менен бүтүрдү. Орто мектепти бүтүрүп, 1993- жылдары Туркияга жогорку билим алууну самап, ал жакка сапарын улаган. Кичинесинен эле араб тили жана динге кызыгып келгени үчүн ал жакта Анкара шаарында Теология факультетин толук ийгиликтүү аяктап, андан сырткары жогорку билими негизинде (БиМ) Бизнес жана Менеджмент факультетин артыкчылык диплому менен аяктап, кошумчалап Юридикалык факультетин дагы окуп, аяктаган.

2000-жылдан баштап Тоолу-Бадахшан Автономиялуу облусунун Мургаб районуна караштуу Көлмөдө түрк компаниясы менен Кытай-Тажикстан эл-аралык жол курулушунда котормочу болуп ишин баштаган, кийин түрк соода-сатык компаниясында менеджер болуп иштеди, андан соң француздардын Актед агенттигинде Фергана Өрөөнүнү өнүктүрүү программасынын алкагындагы проекттердин негизинде 3 жылдан ашуун администратор жана финанс башкаруучусу болуп эмгектенген. Андан соң Түркиянын Анкара шаарында эсеп-кысап бөлүмүндө иштеп, кийин Челябинскийде, андан кийин Сочиде, кийин Москвада эл аралык түрк курулуш компанияларында координатор жардамчысы болуп эмгектенген. Учурда Санкт-Петербург шаарында эл аралык түрк курулуш компаниясында, курулушка тийиштүү материалдык мүлктөрдүн жооптуу башчысы болуп эмгектенип келе жатат. Орусча, түркчө, англисче, өзбекче эркин сүйлөйт.

Үй-бүлөлүү, жыйырма жашында Ош шаарына караштуу Кыргыз-Чек айылынын тургуну Төлөнова Гулзат менен баш кошкон, кызы-уулдары: Турдубекова Элизат, Бекболсун Нурланбек уулу, Мухаммед Нурланбек уулу, Муслим Саипбакас.

Ошентип, Элизат магистратурасын Германияда аяктап жолдошу менен ошол жакта иштешет, чоң уулу Бекболсун Москва шаарында Москва Курулуш Университетинде магистратурасын аяктап, ошол жакта түрк курулуш компаниясында курулуш-инженери болуп иштейт, кийинки уулу Мухаммед чет мамлекетке окууга даярданууда, эң кенжеси Муслим, мектеп окуучусу, футбол спорт түрү менен машыгып келет.






Турдубеков Саипбакастын тун небереси Элизат Турдубекова 1998 жылы Ош облусунда жарык дүйнөгө келген. 2005-2011 жылдар арасы Сыдык Алайчы мектебинде окуган. Андан кийин Кыргыз-Түрк лицейине тапшырып окууну ошол жактан аяктаган. 2016-2021 жылы Кыргыз-Түрк Манас университетин бүтүргөн. Азыркы учурда Кыргыз Түрк Манас университетинде магистратурада окуп жатат.

2019 жылы Токтогулга келин болгон. Жолдошу менен Германия өлкөсүндө эмгектенип келүүдө.







Бекболсун Нурланбек уулу, 2000-жылы 28-мартта жарык дүйнөгө келген, 2006-2017 жылы №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы мектепти жогорку даражада (алтын медаль) менен бүткөн. Математика боюнча олимпиадага катышкан.

2017-2021 жылдар арасы Кыргыз Мамлекеттик Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетинде "(ПГС) Промышленное гражданское строительство" бөлүмүн аяктап 2022-жылдын январь айынан Солнечногорск шаарында курулуп жаткан "Таштандыны термикалык ажыроо аркылуу кайра иштетүү технологиясын колдонгон ишкана" курулушундагы "Прайм констракшн" компаниясына Геодезист болуп орношот. 2022-жылдын сентябрь айынан 2023-жылдын сентябрь айына чейин ошол эле курулуш аянтындагы "ЕНИГЮН" курулуш компаниясына Баш Геодезист жардамчысы болуп орношуп, сентябрь айынан баштап Геодезист-топограф болуп эмектенип келет. 2022-жылдын сентябрь айынан Москва шаарындагы "МГСУ" Москва Мамлекеттик Курулуш университетинде "(ПГС) Промышленное гражданское строительство" бөлүмүн магистратура даражасына жогорулатууда.




Нурланбек уулу Мухаммед 2002-жылы 1-майда жарык дүйнөгө келген, Мухаммед 7 жашынан баштап күрөшкө барат.

2009-2020 жылы №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы Инновациялык мектеп Гимназия комплексин бүткөн. 2020-2022 жылдар арасы Туркияга элин жерин көрүү жана тил үйрөнүү максатында жүрүп келди, азыркы учурда чет өлкөгө окууга тапшыруу үчүн немис тилин үйрөнүү менен алек.

Бар бол атанын асыл уулу!
Урпагың улансын!
Уул-кызыңыз элге журтка кызмат кылып,
Эл алкышына ээ болсун, Оомийин!!!





## САИПБАКАС АГАБЫЗДЫН АЙТОЛКУН КЫЗЫ



Турдубекова Айтолкун (Тома) Саипбакасовна 22.06.1978-жылы Киргиз ССРнин Ош облусунундагы Алай Районуда туулган.

1985-жылы Тоолуу Бадахшан Автономиялуу Облусунун Мургаб районундагы “В. И. Ленин” атындагы орто мектептин биринчи классына окуга кирген.

1988-жылы 3-класстан баштап Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы “Улуу жеңиштин 40-жылдыгы” атындагы орто мектепте окуган.

1992-жылы 7-класстан баштап Ош Облусунун Кара-Суу Районун Кыргыз-Чек айылындагы “Сыдык Алайчы уулу” атындагы орто мектепте окуусун уланткан.

1995-жылы 11-классты Ош Облусунун Кара-Суу Районунун Кыргыз-Чек айылындагы Сыдык Алайчы уулу атындагы орто мектебинде бүтүргөн.

1995-жылдан 2000-жылга чейин Эки жоогорку беш жылдык окуу жайды Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы ОшТУ университетнин (адистиги боюнча - Товаровед коммерческой экспертизы) жана (адистиги боюнча - Юрист) бүтүргөн.

2003 жылдан-2006 жылга чейин Россия Федерациясынын Москва шаарынын (Московский институт предпринимательства и права “Юриспруденция” (присуждена квалификация Юрист по специальности) адистиги боюнча бүтүргөн.

2007-жылы Россия Федерациясынын жарандыгын алган. Үй-бүлөлүү.

2004-жылы Кыргыз Республикасынын Токтогул Районун тургуну Табаев Акылбек Акбаралиевичке турмушка чыккан.

2005-жылы Акбаралиева Эльдана, 2008-жылы Табаева Адеми аттуу перзенттери төрөлгөн.

2003-жылдан баштап азыркы убакытка чейин Россия Федерациясынын Свердловск Облусунун Екатеринбург шаарында жашайт.





Кесиби боюнча Россия Федерациясынын Свердловская Облусунун Екатеринбург шаарында кылмыш иштери боюнча тергөө аракеттерин иликтөө жана сот процесстери боюнча кызматтарда 2003-жылдан баштап азыркы күнгө чейин эмгектенип келе жатат.

# САИПБАКАС АГАБЫЗДЫН АЙЖАРКЫН КЫЗЫ

Саипбакасова Айжаркын 18.04.1985-жылы Кыргыз Республикасынын Ош Облусунда жарык дүйнөгө келген. 2003-жылы "Садык Алайчы уулу" атындагы мектепти жогорку даражада (алтын медаль) менен аяктаган.



2002 жылы Кыргыз Республикасынын Ош Облусунун кыргыз тил жана кыргыз адабияты боюнча олимпиадага катышып 2чи орунду аркалаган.

2004-жылы Бишкек шаарындагы Ататүрк Ала-Тоо эларалык университетинин экономика факультетине тапшырып, 2009-жылы



аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктап жогорку билимге ээ болгон.



Адистиги: Менеджмент.

2009-2011-жылдары "Вефа центр" борборунда "Prince Food" аталыштагы ишканада администратор,

2011-2012-жылдары "Sentral Asia Distribution" аталыштагы соода мекемесинде менеджер,

2012-2014-жылдары Россия Федерациясынын Сочи шаарындагы "ООО Транс Ком Строй" ишканасынын директорунун орун басары,

2019-2024 жылы "Мунар Строй" курулуш компаниясында үзүрлүү эмгектенип келген жана бүгүнкү күндө "Мунар Строй" курулуш компаниясында иштеп жатат. Үй бүлөлүү. Жолдошу Кыбыраев Нурлан Абдыкалыевич, балдары: Расул Абдыкалы, Салиха Абдыкалы тегин, Йасин Нурлан, Йасмина Нурлан аттуу балдар кыздардын сүйүктүү апасы. Бишкек шаарында жашайт. Айжаркын ар дайым үй-бүлөсү менен биргеликте асыл инсандын кызы болгондугуна сыймыктанат.



# ЭҢ КИЧҮҮ ЭСТҮҮ КЫЗ

Саипбакас Турдубеков агабыздын эң кичүү кызы Тахмина жөнүндө: Турдубекова Тахмина 17.07.1987-жылы төрөлгөн.




2005-жылы Ош шаарындагы Садыков Алайчы орто мектепти жогорку даражада (алтын медаль) менен бүтүргөн соң, Бишкек шаарындагы Ататүрк Ала-Тоо эларалык университетинин эларалык экономикалык мамилелер бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган.

2007-2008-жылдары Америка Кошмо Штаттарында билимин жогорулаткан Тахмина 2011-жылдары Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинде эмгек жолун баштаган.

2012-жылдан баштап Түркия Мамлекетинин "Түрк аба-жолдору" Авия компаниясында башкы стюардесса болуп бүгүнкү күнгө чейин үзүрлүү эмгектенүүдө.




Үй-бүлөлүү, Жолдошу Эрлан Абдыкалы, балдары: Умар Абдыкалы, Ибрахим Абдыкалы, Айша Лина Абдыкалы аттуу перзенттеринин сүйүктүү апасы. Стамбул шаарында жашайт. Тахмина ата-энесин көптөгөн өлкөлөргө, керемет кооз жерлерге бир нече жолу алып барып эс алдырып саякат кылып келген. Өмүрлүү бол Саипбакас Турдубеков агабыздын татыктуу кызы Тахмина.





# САИПБАКАС АГАБЫЗДЫН БИР ТУУГАНДАРЫ



Саипбакас агабыздын бир туугандары, жаш курактары менен катарга жазганда Тилла (анын кызы Жумагул), Карачач (анын кыздары Багдагүл, Айнура), Аппаз (анын балдары Каландар, Урмат, Гүлжан, Анарбай, Гүлхан) Саипбакас (анын балдары Айтбүбү, Нурланбек, Айтолкун, Айжаркын, Тахмина) Шарапат, Аззам (анын балдары Миталип, Фарида, Адыл).

Бир үй бүлөнүн балдары болгон бир туугандар ар дайым бири-бирин жакшы көрүп кичүүсүн чоңу жетелеп бирине бири жөлөк-таяк болуп чоңойушту. Дүйнөдө ата-энеден бир тууганадан ыйык эмне бар. Бул бир туугандардын аталары Турдубек энелери Орол кудайдан перзенттерине акыл-эс, көөнөрбөс көрөңгө, кетпес дөөлөт, чың ден-соолук, узак өмүр тилеп чоңойткон. Ар бир перзенттин өз орду бар, ар биринин өзүнчө кыял жоругу, мүнөзү бар мунун баары ата-энеге гана маалим. Ааламга көз ачып келген



перзентин ар бир ата-эне жакшы адам болуп эл керегине жараса экен, ата-энесине бир туугандарына күйүмдүү боорукер инсан болсо экен деп жараткандан алакан жайып тилек кылат. Турдубек ата менен Орол эненин аруу тилеги ылайым кабыл болгон экен. Бул ата-эненин перзенттери ниет тилеги ак, жаманга жанашып баспаган уят сактаган адамдык бийик абийирин аруу таза бойдон туткан адамдар болуп чыкты.



Баары турмушта өз ордун таап орун-очоктуу болушту.

Кудайым адам пендеси эмнени тилек кылып сураса ошону берет тура, ар бир иш адамдын ниетине тилегине жараша болот экен. Элибизде "куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат" деген сөз бар. Бул үй-бүлөнүн перзенттери ата-эненин таалимин тарбиясын көрүп чоңойду. Уядан учканда таза жолду тандашты.







Бул кишилердин ата-энелерин эл билет, бирөөгө эгерим зыян кылбаган өз эмгектери менен күн көргөн бирөөгө колунан келсе жакшылык гана кылган адамдар эле, жөнөкөй, адамгерчиликтүү, алдым-жуттумдукту билбеген момун адамдар эле. Ата-энелери көзү өткөнчө беш убак намазын үзбөй окуду жараткандан балдарына бак тиледи. Мен ушул Саипбакас агабызды жана бул кишинин бир туугандарын чоңойткон ата-энесине ыраазы болом, мен эле эмес жалпы эл көргөн билгендер да эки дүйнөдө ыраазы болор.



"Перзент жакшы чыкса, атаңа рахмат, энеңе рахмат" деп айтат бизде, ошонун сыңарындай, мен ушул бир туугандардын ата-энесине ыраазы болуп рухтарына дуа кылдым. Ылайым жаткан жериңер бейиш бак болсун, агартып уул кызартып кыз таптыңар эле уул кызыңыздар жакшы адамдар болуп чыкты, мунун баарын эл билет жалпы журт күбө, ылайым ушул адамдардын учугу үзүлбөсүн, урпактары көбөйсүн артындагы калган небере-чеберелери ата-энесинин ак жолун улантсын.





"Аккан арыктан суу агат", бул бир туугандардын балдары, неберелери, чеберлери да жакшы адамдар болуп өсөрүнө биз терең ишенебиз.

Жалпы Турдубек атанын жана Орол эненин перзенттерине, урпактарына таазим кылабыз!!!

# БИР ТУУГАНДАР

Куштар учат уясынан кыялап,
Курч калемим жазып турам сыялап.
Ким дүйнөдө бир тууганын унутуп,
Ким жакынын жамандыкка кыя алат.



Жакшы адамдар өчпөйт жашайт сезимде,
Жарык жанат жылдыз бийик кезинде.
Бир тууганлар бирге отурса жанашып,
Бир сезимдер күйүп турат көзүндө.

Өмүр ошол эскерүүдө калар чын,
Адам өтөт чын дүйнөгө барар чын.
Ай айланып жылдар нечен өтсө,
Түбөлүккө бир туугандар алар чын.



# БИР УРУУ ЖУРТТУН БАЯНЫ

Саипбакас Турдубековдун уруусу, кыргыздын ичкилик урууларынын ичиндеги "жаманаң" деп аталат. Жаманаңдар тоо элинин учу-кыйырына атагы кеткен белгилүү журт. Саипбакас ажынын жакын туугандары жаманаңдар Көөнө-Коргон, Мургап, жана башка айылдарда бүгүнкү күнгө чейин жашап өмүр көчүн улап келишет.



Мен билгенден тизмектеп айтсам, агасы Аппаз, Ташбай, Орозбай, инилери Азан, Көчкөнбай, Балтабай, Жаркынбай, Каландар, Анарбай, Адыл, Миталип, Туратбек. Бул инсандар көпчүлүгү колу жөндөмдүү уста, Мисалы Ташбай Үсөнов кыргыздын боз үйүн жана башка жыгач буюмдарын жасачу азыр жаш муундары баарысы жыгач устачылык өнөрлөрү бар, андан тышкары ордо оюну (ашыкчылар) Көчкөнбай, Балтабай, Каландар, Жаркынбай, Туратбек, Актилек жана башка жаш муундары баары ашыкты күчтүү атышат. Сары-Колдо Саипбакас агабыздын туугандарын ага-инилерин баарыны чоң ашыкчы ордочулар деп тааныйт, жана бул кишилерсиз оюн суз тартып көчө

көрксүз, Жыгач усталык жана ордо оюнунун чеберлери ушул кишилерге жаратканадан берилген касиет экен деп ойлойм кээде.

Бул уруунун адамдары өтө тың колунда бар буюмду өзгөчө кылып жасап алган бир башкача алтын колдуу инсандар.

Кайсы ишти, мейли техника болобу же курулуш болобу эмнени кармабасын майын чыгарып колдонушат.

Кудай өнөрдү өзөгү бүтүн тамыры таза калкка берет деп уккан жайым бар.

Нукура кыргыздын салт-санаасын, үрп-адатын ар дайым аздектеп жүргөн Саипбакас агабыздын жакын туугандарына жалпы журттун берген бийик баасы бар.

Негизи түпкүлүктүү өзөгүндө жети атасы улуу, сөөгү арууланган ыйык адамдар болгон экен. Каны таза, тукуму асыл болгон экен. Канча доор өтсө да жандуу зат өз өзөк тамырына кайтат.

“Аккан арыктан суу агат” деген сөз бар элибизде, ошонун сыңарындай бир уруу журт Саипбакас агабыздын туугандарын жаңы муундары да ата-бабалардан калган улуу өнөрлөрүн аздектеп биле жүрөт деп ойлойбуз.

Ак калпактуу уюткулуу Мургаптык кыргыздардын арасында асылдардын изи өчпөсүн. Келечек муун жакшыларын эстей жүрсүн деп жаратканадай тилейбиз.

Агабыздын элесин эли-журту эч качан унутпайт.

## ТОЙЧИЕВ БАТЫР ТАЖИБАЕВИЧ

Саипбакас агабыздын бирге иштеген досу, жакын санаалашы Тойчиев Батыр Тажибаевич Ош шаарында Памир-Ош авто жолдор мекемесинин башкы жетекчиси болуп турган. Бул киши менен Саипбакас агабыз бир топ чогуу иштешти. “Эки жакшы бириксе, иштери алга жүрөт” дегендей экөөсү көп иштерди бүтүрдү, жалпы



коомдун мамлекеттин ишеничин актады, өздөрүнө тагылган жоопкерчиликти так аткарышты. Жашоодо жакын дос санаалаш жумушта бири-бирине өлөк-жөлөк болду. Бирини бири сатып кетпеди, достукту туу тутушуп ар дайым сый урматта болушту. Батыр Тойчиев да асыл адам эле. Эгерим бири бирине кара санабай тилектеш болуп ак жүрүшүп үзүрлүү иштеди. Алыскы сапарда үзөңгүлөш болуп чогуу жүрүштү. Андан бери канча жылдар өттү, бирок бул эки инсан бири-бирини эч унутпай эстеп чогуу иштеген мезгилдерин дайыма эстешер эле. Бул киши жөнүндө Саипбакас агабыз ар дайым айтып жүрүп көзү өтүп кетти.

Алыстан келген жаш Саипбакас агабызды ушул киши алгач келгенде колдоп, иштин жагдайын айтып канатына калкалаган экен. Ар бир элдин асылы болот тура. Азыр бул инсан да кадырлуу аксакал болуп калган мезгили. Биз бул киши менен тилекке каршы байланыша албадык, себеби телефон номерин таппадык. Бирок агабыз ар дайым оозунан түшүрбөй айтып жүргөндүктөн ак кагазга түшүрүп коюуну эп көрдүк.

“Эки тоо көрүшпөйт, эки адам кезигет” дегендей, мүмкүн, “кудайым бул кишиге жолугууну буюруп, жолугуп каларбыз” деп, ак тилек кылдык. Агабыз менен жакшы күндөрүн жаштыкта чогуу өткөргөн, чогуу иштеген экен, ар дайым Саипбакас Агабыздын үйүнө барып чогуу бир дасторкондон чай ичишип, үй-бүлөлөрү менен катышып жылуу мамиледе болушкан экен. Оо, ал кезде, адамдар кандай сонун болгон, ичтери кенен болгон, адамдар көрө албастыкты, ичи тардыкты билген эмес, ар дайым бирини бири колдоп чыныгы дос болуп ак тилекте болушкан.

Акырында айтарыбыз, “кайда болсонуз да, аман болуңуз, Батыр Тойчиев, сизди биз сыйлайбыз, сиз биздин Саипбакас агабыздын жакын санаалаш досу катары, сизге сыйыбыз чексиз” деп айтабыз. Сизге чың ден-соолук, бактылуу карылык каалайбыз демекчибиз.

# АЙДООЧУ КАЛАШ

"Айдоочу Калаш" деген каарманыбыздын чын аты Каландар, Саипбакас агабыздын бир тууган агасы Аппаздын чоң уулу болгон. Бул кишини жалпы Мургап эли баары аттын кашкасындай тааныйт. Калаш акани Саипбакас агабыз алгач совхоздо шофёр болуп жүргөн жеринен алып келип Оштогу өзү иштеген автобазага алып келип "ЗиЛ" машинага айдоочу кылып жумушка орноштурат. Калаш ака өзү темирге жөндөмдүү болгондуктан техниканы тез өздөштүрүп Памир-Ош жолуна каттай баштайт, ошентип бир топ жыл иштеп эмгек сиңирет. Бул киши бүгүнкү күнгө чейин шофёр болуп иштеп жүрөт.



Өзүнүн айтуусу боюнча Памир-Ош жолунда кырк жылдай эмгек кылыптыр. Кудайым берген ырыскысын ак эмгек менен айдоочулук кесип менен таап жеген бул инсан, азыр очор-бачар болуп небере көрүп бактылуу чоң ата, таята болуп жубайы менен Ош шаарында жашып жатат.



Саипбакас агабыздын айтымында Калаш айдоочу бала кезинен эле машинага аябай кызыкчу экен, зымдан темирден жүк ташуучу машина жасап ар дайым шофёр болуп ойночу экен. Анан велосипеддерди тээп, бир аз бой жеткенде мотоцикл чоңоюптур, армиядан келген соң алгачкы айдап машинасын айдап алгачкы эмгек жолун баштаптыр. Кийин Союз кулап Мургап эли кыйнала баштаганда Оштон ун, көмүр, азык-түлүк, кийим-кечек ташып калкка далай кайраны тийгенин баардык эл билет. Калаш шофёр Оштон жүк алып Мургапка барып кайра элдин кой топоздорун Ошко жүктөп келер эле. Ар дайым айылда Калаш келсе мага ун же мага кийим жана башка айткан буйрутмаларын күтүп Калаш шофёрдун келерин күтөт эле, бир эле Калаш ака эмес анан Айылчы, Муса, Нурик, Токтосун, Галбаев Табыш, Асилбек, Карим, Манасбек, Анарбай, жана башка көптөгөн кишилер Ош Памир жолуна далай жүк ташыган.

Саипбакас агабыз Калаш инисин өзгөчө жакшы көрөт эле кийин жаныма Ошко кел биротоло үй-бүлөң менен деп көчүрүп келген экен. Ошол мезгилден бери Оштун Мады айылында Калаш аке жашап калды.

Калаш шофёрдун балдары ата жолун улап бүгүнкү күндө бири Бишкек, бири Душанбе, бири Кытай, бири Памир болуп баары жүк ташуучу чоң-чоң машиналарды айдап эмгектенет.

Ош-Памир жолу ал жолдордо жүк ташыган айдоочулар жүрөгүмө жакын деп ар дайым Саипбакас агабыз айтып калар эле.

## ЫРЛАР

*Саипбакас (Акказ) Турдубековко арналат.*

Оо, Акказым ааламдай кең дарханым,
Бастың нечен Памир тоонун ак карын.

Далай ашып дабаан белин тоолордун,
Арзуу кылдың ата-журттун аркарын.

Ошол жолдо сиздер жүргөн бийиктер,
Ойдон кетпейт кыйыр жондо кийиктер.
Элесиңиз эсте калды өчпөгөн,
Бир мезгилде жаштык өткөн бийик жер.

Мургап Памир мекендеген кыргыздар,
Мунар тоодон жанып учкан жылдыздар.
Шамалы күч шагыл таштуу жолдон соң,
Кайберенге катар баскан турмуш бар.

Туйгун учкан мелмилдеген мейкиндер,
Мунар тоолор Мургап куттуу бейпил жер.
Өткөн доор өчпөй калган элестер,
Эми келбес ошондогу жай күндөр.

Алтын көрдүк Ак Аркардын белинен,
Асыл көрдүк алыстагы жеринен.

Бүркүт көрдүк бийик учуп бараткан,
Санжыралуу Сары-Колдун төрүнөн.
Көккө учкан оо Акказым, дарханым,
Сагындыңбы Мургабыңдын аркарын.

## КАР МУЗДУУ ТҮНӨКТӨРДӨН ***

Кар муздуу түнөктөрдөн,
Капарсыз түнөп көргөн.
Кайкыда караандарым,



Кайберен түнөк көргөн.
Кара-Көл жээгиндемин,
Кара-Арттын белиндемин.
Күл болуп чачылуудан,
Гүл болуп эгилгенмин.
Түгөнбөй кайра чыккан,
Түпкүрдөн дайра чыккан.
Түбү бир тамыр алып,
Жадырап жайда чыккан.
Жалбырак тирүүлүккө,
Жан алып тириликке.
Бийикте тоз-тоңгондор,
Биригип тирилипмин.
Көчмөндөр улаган жол,
Көчкөндөр узаган жол.
Кош колум серпилип тур,
Комузум чертилип тур.
Конушун эңсегеним,
емтилип кертилиптир.
Түтөгөн түгөнбөгөн,
Түндүгүн түгөлдөгөн.
Туйгуну туурга конуп,
Тулпарын жүгөндөгөн.
Өчпөскө чырагыбыз,
Өрөөндө турагыбыз.
Таш тоонун коюнунда,
Тагдырлаш ынагыбыз.
Кемибей агылуудан,
Кетилбей кагылуудан.
Жалтанбай баргандарбыз,
Жалынга жагылуудан.

Далай ашып дабаан белин тоолордун,
Арзуу кылдың ата-журттун аркарын.

Ошол жолдо сиздер жүргөн бийиктер,
Ойдон кетпейт кыйыр жондо кийиктер.
Элесиңиз эсте калды өчпөгөн,
Бир мезгилде жаштык өткөн бийик жер.

Мургап Памир мекендеген кыргыздар,
Мунар тоодон жанып учкан жылдыздар.
Шамалы күч шагыл таштуу жолдон соң,
Кайберенге катар баскан турмуш бар.

Туйгун учкан мелмилдеген мейкиндер,
Мунар тоолор Мургап куттуу бейпил жер.
Өткөн доор өчпөй калган элестер,
Эми келбес ошондогу жай күндөр.

Алтын көрдүк Ак Аркардын белинен,
Асыл көрдүк алыстагы жеринен.

Бүркүт көрдүк бийик учуп бараткан,
Санжыралуу Сары-Колдун төрүнөн.
Көккө учкан оо Акказым, дарханым,
Сагындыңбы Мургабыңдын аркарын.

## КАР МУЗДУУ ТҮНӨКТӨРДӨН ***

Кар муздуу түнөктөрдөн,
Капарсыз түнөп көргөн.
Кайкыда караандарым,



Кайберен түнөк көргөн.
Кара-Көл жээгиндемин,
Кара-Арттын белиндемин.
Күл болуп чачылуудан,
Гүл болуп эгилгенмин.
Түгөнбөй кайра чыккан,
Түпкүрдөн дайра чыккан.
Түбү бир тамыр алып,
Жадырап жайда чыккан.
Жалбырак тирүүлүккө,
Жан алып тириликке.
Бийикте тоз-тоңгондор,
Биригип тирилипмин.
Көчмөндөр улаган жол,
Көчкөндөр узаган жол.
Кош колум серпилип тур,
Комузум чертилип тур.
Конушун эңсегеним,
емтилип кертилиптир.
Түтөгөн түгөнбөгөн,
Түндүгүн түгөлдөгөн.
Туйгуну туурга конуп,
Тулпарын жүгөндөгөн.
Өчпөскө чырагыбыз,
Өрөөндө турагыбыз.
Таш тоонун коюнунда,
Тагдырлаш ынагыбыз.
Кемибей агылуудан,
Кетилбей кагылуудан.
Жалтанбай баргандарбыз,
Жалынга жагылуудан.

Далай ашып дабаан белин тоолордун,
Арзуу кылдың ата-журттун аркарын.

Ошол жолдо сиздер жүргөн бийиктер,
Ойдон кетпейт кыйыр жондо кийиктер.
Элесиңиз эсте калды өчпөгөн,
Бир мезгилде жаштык өткөн бийик жер.

Мургап Памир мекендеген кыргыздар,
Мунар тоодон жанып учкан жылдыздар.
Шамалы күч шагыл таштуу жолдон соң,
Кайберенге катар баскан турмуш бар.

Туйгун учкан мелмилдеген мейкиндер,
Мунар тоолор Мургап куттуу бейпил жер.
Өткөн доор өчпөй калган элестер,
Эми келбес ошондогу жай күндөр.

Алтын көрдүк Ак Аркардын белинен,
Асыл көрдүк алыстагы жеринен.

Бүркүт көрдүк бийик учуп бараткан,
Санжыралуу Сары-Колдун төрүнөн.
Көккө учкан оо Акказым, дарханым,
Сагындыңбы Мургабыңдын аркарын.

## КАР МУЗДУУ ТҮНӨКТӨРДӨН ***

Кар муздуу түнөктөрдөн,
Капарсыз түнөп көргөн.
Кайкыда караандарым,



Кайберен түнөк көргөн.
Кара-Көл жээгиндемин,
Кара-Арттын белиндемин.
Күл болуп чачылуудан,
Гүл болуп эгилгенмин.
Түгөнбөй кайра чыккан,
Түпкүрдөн дайра чыккан.
Түбү бир тамыр алып,
Жадырап жайда чыккан.
Жалбырак тирүүлүккө,
Жан алып тириликке.
Бийикте тоз-тоңгондор,
Биригип тирилипмин.
Көчмөндөр улаган жол,
Көчкөндөр узаган жол.
Кош колум серпилип тур,
Комузум чертилип тур.
Конушун эңсегеним,
емтилип кертилиптир.
Түтөгөн түгөнбөгөн,
Түндүгүн түгөлдөгөн.
Туйгуну туурга конуп,
Тулпарын жүгөндөгөн.
Өчпөскө чырагыбыз,
Өрөөндө турагыбыз.
Таш тоонун коюнунда,
Тагдырлаш ынагыбыз.
Кемибей агылуудан,
Кетилбей кагылуудан.
Жалтанбай баргандарбыз,
Жалынга жагылуудан.

Коломто өчпөй түтөп,
Коргондор бизди күтөт.
Келгендер бизге келсе,
Кеткендер бизден кетет.
Жаа кармап сөлөкөттөр,
Жарганат балакеттер.
Көпөлөк Көлөкөлөр,
Көшөрөт сала кет деп.
А бирок алар түштөр,
От октон жаны үркөт.
Жашообуз жарыгы үмүт,
Жарк этер жанып үркөр.
Жылдарын түгөлдөгөн,
Жылдызбыз түгөнбөгөн.
Өмүрдө кайра өсүп,
Өзөктөн түк өлбөгөн.
Чаңкаса мүрөк жуткан,
Тирегин тилеп туткан.
Жомоктой доорлордон,
Жонулуп жиреп чыккан.
Мезгилдер канчалаган,
Мөңгүлөр тамчылаган.
Кыраңда кыбырашып,
Кыйгачтап бараткандар,
Артып жүк канча аркан.
Аттарын камчылаган,
Анда да жан чыдаган.
Тарыхта изибиз бар,
Так салган мизибиз бар.
Күн кармап күлө баскан,
Күмүш тоо жүзүбүз бар.



Сан жылдар өткөнүбүз,
Сан жылдан кеткенибиз.
Доордун добулбасы,
Доолдо черткенибиз.
Бийиктин бийигибиз,
Бийикте кийигибиз.
Кыргыздын ак калпагы,
Кылымдап кийимибиз.
Салтыбыз жоголбогон,
Каадабыз тонолбогон.
Көчкөндө көркөм тутуп,
Жомоктой жол орногон.

## БАДАХШАН

Агарып түндүн кооз таңы аткандай,
Аскада аркар кулжа бараткандай.
Аркайган чокулары ай чапчыган,
Ааламда өрөөн көрдүм Бадахшандай.
Анда мен ырын ырдап тилегимдин,
Асылы гүлдөр эле жүрөгүмдүн.
Ташты өпсөм тамып ийчүдөй колдоруma,
Табы чок жалын элем илебимдин.
Баратып Бадахшандын бактарында,
Балбылдап сүйүүм жанган шактарында.
Албырчу алма өңдөнүп эки бетим,
Аскадан тийген күндүн аптабында.
Суу ичтим мөлтүрөгөн булагыңдан,
Улардын үнү кетпейт кулагымдан.
Кыйла жыл дабаан аштым Бадахшаным,
Кызыктуу жаштык жылдар курагымда.



## МУРГАПТЫН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ

Мезгилдин тулпары,
Мейкиндин шумкары.
Жаркырап өчпөгөн,
Жаштыктын жылдары.
Тоо жолу бийиктейт,
Тоолуктар күйүкпөйт.
Тарых так тараза,
Бийикти бийик дейт.
Мунарда турагы,
Мургаптын чырагы.
Сапарын улаган,
Сан жылдар курагы.
Көктөгү жарык бир,
Көрк берип жарып тур.



Асылдын жакшы аты,
Ааламга жарык нур.
Күнөстүү тараптан,
Куш учуп бараткан.
Тоолуктун өңүндөй,
Ак таңдар ар аткан.
Кайберен элесиң,
Кайрылып келесиң.
Мунардын жылдызын,
Мургаптан көрөсүң.
Өткөн күн эстелик,
Өтөбүз эскерип.
Жарыкты көрдүк деп,
Жашоодо кез келип.



## АТЫҢЫЗ КАЛДЫ ЖАЗЫЛЫП

Атыңыз калды жазылып,
Кайберен түнөк жериңде.
Аркар кулжа ойногон,

Алыскы Мургап төрүндө.
Мургаптын элең чолпону,
Мунардын элең коргону.
Ажалга арга жок тура,
Алыска чаптың жоргону.
Узады күндөп караанын,
Узакка кадам санадың.
Жаш кезде жанып жылдыздай,
Жакшылык ишке жарадың.
Керемет жасап тең устун,
Кемеси болдуң деңиздин.
Кайберен сындуу асылдар,
Түнөктөйт бийик жер үстүн.
Конушка бекем уялап,
Көгүчкөн учат кыялап.
Атыңды жаздым ыр кылып,
Ак барак бетин сыялап.
Жайлоодой жазда гүл өнүп,
Жакшыны эстей жүрөлүк.
Акказдай асыл инсандар,
Тарыхта калсын түбөлүк.
Добулдай не бир бектерди,
Доорлор далай өткөрдү.
Куржунун артып мезгилге,
Атыңды жазып бөктөрдүм.
Жарыкты кууп бараттык,
Жарыктан жарты ыр жараттык.
Атыңды жазып китепке,
Айлыңа бирден тараттык.
Тоолор деп өттү өмүрүң,
Тоолук деп өстү көңүлүң.



Бейиштик болсун жаныңыз,
Тоо гүлдөн атыр себиниң.

## КАЙБЕРЕНДЕР САПАРЫ

*(Ушул ыр саптары Саипбакас агабыздын жаркын элесине арналат).*

Көк тиреген аска тоолор тараптан,
Көпкө тиктейм аркарларым баратсаң.
Түгөнбөгөн түрмөк жомок ырымды,
Түнөгүм бир силер менен жараткам.
Жолдор жомок, жолдо жомок бүтпөгөн,
Жондордо жүк тагдыр артып жүктөгөн.
Мен өзүмдүн таштан сууруп тамырым,
Мен өзүммүн көккө көчөт түптөгөн.
Катарлашкан кайберендин сапары,
Кайкы белде бийиктерде катары.
Күндөр батып күүгүм менен иңирге,
Таңдар аткан табийгаттын катары.
Жашоо ошол жарык от да, жалыны от,
Жакшы ырларым жарк деп көктү жарып өт.
Көктө жанган жылдыздарга кол сундук,
Нурларыңды ырларыңды салып өт.
Ак жылдыздай өчпө жарык Мургабым,
Ак кар баскан бийиктеги кырларың.
Сен деп соккон ар бир асыл жүрөктө,
Сезим кылын термеп турсун ырларың.
Көктү челген аска зоолу тараптан,
Көпкө тиктейм аркарлар ээх баратсаң...

# МУРГАПТЫН ТООЛОРУ БИЙИК

*(Саипбакас Турдубековдун жаркын элесине арналат)*



Аскасы асман тирген Памир тоолору аркар, кулжа, кайберендердин жана түркүн куштардын жапайы жырткыч жаныбарлардын мекени. Бул тоолуу өрөөндөрдү билген жергиликтүү эле адамдар болбосо алыс жууктан келгендер толук түшүнүп аңдап биле албас. Бир көргөн адамга бак дарак өспөгөн жайдак талаа, шамалы аркыраган ызгаары үшүткөн ары сүрдүү комсоодой сезилиши мүмкүн. Бирок, дал ушул жерде төрөлүп эс тарткан өмүрү өткөн адам гана бул жердин өзгөчө касиетин сезип туя алат. Тоолуу Памир өрөөнүнүн өзүнүн аурасы, мүнөзү, сулуулугу, табияттагы өзгөчө кубулуштары бар. Бул жерлерде канча кылымдан бери адам баласы өмүр кечирип жашоо уланып келе жатат, бул өрөөндөр көптөгөн тарыхтын күбөсү, канча доорлор өттү, далай суулар акты, канча мезгилде мейкинге



закымдап учту. Бул өрөөндөр жалпысынан Сары-Кол аталып тээ кылымдардан жалпы элдерге белгилүү болгон, Манас эпосунда да Сары-Кол өрөөнү камтылган, анда Манастын атасы Жакып Алыскы Сары-Кол өрөөнүн сагынганы ал жерди самап эңсеп жүргөнү сүрөттөлөт эмеспи. Ал эми Сары-Кол өрөөнү шартына жана жайгашуусуна карап түрдүү аталыштарга ээ болгон, Мургап, Нуркап, Памир, Памыл, Чоң-Памыл, Чыгыш-Памир жана анын ичинде ар бир айыл кыштагы өзүнчө аталып ар бир кокту колоту өзүнчө аталыштарга ээ. Бул жерлердин көлдөрү, дарыя суулары, бийик ашуулары баары өз өзүнчө аталыштары бар, бул Сары-Кол өрөөнүндөгү топонимикалык жер-суу аталыштарын жазып келсе өзүнчө том-том китеп болор, кылымдарды карыткан кыргыз журту мекендеген бул жерлерде Мазарлар күмбөздөр да өтө көп, көптөгөн көрүстөн күмбөздөрдү кимге таандык экенин да ким билбей келет. Анан ушул Сары-Кол өрөөнүндөгү күмбөздөр, мазарлар, ыйык жерлер жөнүндө көптөгөн легендалар, уламыштар эл оозунда айтылып келет. Бул бийик тоо арасы Памир тоолорунун арасы адам пендеси ачып бүтө элек сыр сандык, казып бүтө элек тарых, жазып бүтө элек дастан бойдон кала бермекчи. Себеби аны жазууга бир адамдын өмүрү толук жетпес. Бул тоолордун арасындагы дастан түбөлүк жазыла берет деп айтсак туура болор. Бул жерлерде эмне деген гана инсандар жашап өттү, бектер, хандар, болуштар, олуялар, баатырлар, мергендер деги койчу бул тоолордун арасында өткөн инсандын баары жаратман ыйык касиетке эгедерлиги дал ушул бийик тоолордун ыйык касиетинен кудайдын амиринен деп билебиз. Бул бийик тоолордун арасындагы өмүр көчү адам баласы жер планетасыда жашап турганда эч токтобой айлана берет, адам пендеси тоолорго келет, тоолордон кетет жашоо токтобойт адам пендеси убактылуу ал өз ырыскысын издеп таап жеп жүрүп өтүп кетет ал эми тоолор түбөлүк тура берет. Менин бир ойлогонум чыныгы тоолук болуу

адам пендеси үчүн оңойго турбайт экен, адам чыныгы тоолук болуу үчүн анын суугуна, шамалына, ызгаарына чыдап баардык түйшүктөргө кайыл болуп ички сүйүүсүн жан-дилин тоолорго байлап жашаш керек экен, тоолорго бүт өмүрүн жанын арнап жашаш керек тура, мына ошондо чыныгы тоолук адам десек туура болор. Анан мен тоолукмун деп айтсам болобу? Мен бир кездерде тоолук болгонмун бирок кийин тоодон кеткенмин деп айтса туура болоор. Биз адам пенде чыныгы тоолук болуп бүгүнкү күндө жашап калуубуз кыйын, себеби азыр баары оңой жашоого, шаарга, жылуу жерлерге качып калбадыкпы. Азыр эч кимибиз тоодо суукта калууну ал жакта мал багып турмуш өткөрүүнү каалабайбыз, өзүбүз тоолорду сүйүп тоо арасында түбөлүк өмүр кечирели десек да ага үй-бүлөбүз жубайларыбыз каршы чыгат, себеби азыркы аял заты келечек муун жаштар шаарга качат эч кимиси тоолуктун түйшүктү жашоосунда жашагысы келбейт. Бул ачуу чындык. Бирок мен ойлойм адам баласы тоолорго кайтат, тоолорго кайтууга аргасыз болот, буга климаттык шарт жылдан жылга ыссып келе жаткан аба-ырайы, кургакчылык себеп болот. Адам баласы Алай-Памир тоолорун көздөй улуу көчүн улайт мен муну ишенимдүү айта алам. Бир кезде тоодон качкан, тоолорду чанган тоолуктун урпактары тоолордун салкын шамалына тоолордун мөлтүр булак суусуна зар болуп ыйлап зарлап тоого тооп кылып барууга аргасыз. Жер үстүндө эмне болуп жатат, Арал деңизи кургап чөлгө айланды, миң жылдап жаткан Антарктидагы муздар ээрип ордунан козголуп жок болуу коркунучунда турат, шаарларда аба булганды, завод фабрикалардан чыккан зыяндуу газдар адам баласынын организмин саат сайын ууландырып жатат. Бул жалпы жер планетасындагы орчундуу көйгөй.

“Адам пендеси өз тамырына кайтат” деген сөз мына ушул биз табияттан алыстап, табиятты сүйбөй, аны менен болгон адамдык-табияттык тең салмактуулукту сактай албай, мына бүгүнкү жалпы



адам баласынын башын ооруткан туңгуюкка кептелип отурабыз. Бул туңгуюктан чыгуунун жолу бир гана тоолордо калды, тээ бийик чокулардан чачыраган шоолалар бизге караңгы туңгуюктан жарык болуп берет. Биз ошол жарыктарга бет алып, тоону көздөй жол алабыз. Анткени, биз тоолуктун урпактарыбыз. Бизге коюнун ачып тээ бийик тарапта Алай-Памир тоолору күтүп турат. Биз тоолорго карай улуу көчтү баштайбыз, бул көч токтобой түбөлүк айланып турган көч, тирүүлүк көчү мына ошентип кээде төмөндөн бийикке, бийиктен төмөнгө агылып, өмүр көчүн улап жүрө берет... Биз өзөк тамырыбызга кайтабыз. Биз тоолорго кайтабыз!!!

# АТАМДЫН ИСЛАМ ДИНИНДЕ БОЛГОН ӨЧПӨС ЖОЛУ!



Мургапта 2-3-класста орус эжекебиз, “ким Кудайга ишенет?” деген суроону бизге узаткан эле. Ошондо мен класста кол көтөрүп Кудайга мен ишенем дегем, а сага бул тууралуу ким айтты? деп сураганда, атам деп жооп бергеним эсимде. Кийин үйгө келип, атама айтып бергенде, дагы ушул сыяктуу суроону берсе, үн чыкпай жооп бербе! деп бираз ачуусу келгенин сезгем. Көрсө атам коммунист, партийный, жогорку кызматта иштеген, ошондой эле жашыруун КГБ кызматкери болгондуктан атама доо кетире жаздапмын. Ошол учурлары кээде дин үстүндө “рейд” жүргөндө, атам өзү конторaларга телефон чалып, орозо туткандар тез арада сыртка чыгып кетишсин, азыр келип биз чай ичиримиш болуп атайын текшеребиз, күнөөңөргө калбайын деп алдын ала кабарлап турчу экен.

Ошол кичинекей кезимде атам менен кошо чоң авамдын үйүнө түндө жар аралап жөө бара жатканда же кечиндеси жолго чыгып жигули менен Көөнө-Коргонго бара жатканда атам мага келимени кайталатып үйрөтчү, Ихлас сүрөсүн, Мүлк сүрөсүнүн акыркы



аяттарын үйрөткөн, айрыкча жолдо түндөсү бара жатып Кудай тууралуу билген нерселерин айтып берчү. Атам кичинемден баштап менин математика, физика, астрономия, сүрөт, черчения жана искусствого болгон талантымдын такшалуусуна салым кошкондон тышкары, дин жолуна багыт берип, динге кызыктырган биринчи мотиваторум болгон. Кыргызстанга көчүп келгенден кийин жылдар өтүп СССР талкаланган жылдары атам-апам болуп “сөөгү биздики, эти сиздики” деп бизди молдого тапшырган. Куран окушту, орозо тутушту, намаз кылышты үйрөнгөм жана атам ар дайым бул жаатта колдоп турчу. Ал кезде атам намаз окубаганына карабастан, кеч асманды карап жатканыбызда, жаратылыштагы Кудайдын кудуретин айта берет эле, Кудайды көңдөйгө чыңдоо үчүн физика, астрономия кубулуштары аркылуу Кудайдын бар экенин таң калыштуулук менен зерикпей айтып берет эле, балким ошондуктан жаратылышка көп кызыкчу. Жүрөгүндө бекем ыйманы бар экенин сезет элем. СССР кулаганынан көп өтпөй эле, динди жакшына кылып үйрөнүп кел, келип бизге үйрөт деп атам мени Туркияга диний окуу жайына жолдогон. Ошентип мени эле эмес, менин үч уулумду тең атам өзү эмгекке тарбиялап, андан сырткары мечитке өзү менен кошо алып барып, мечиттеги тамга үйрөтчү балдарга кошуп, ар бир баламды кезеги келгенде намазды, орозо тутууну үйрөтүп, ошол акыркы орозосунда, “сенин эң кичинекей уулуңду да орозону толук кармаганга үйрөттүм” деген болчу. Атам өзүнүн өнөрүн балдарыма дагы үйрөттү, ал киши сүрөтчү, спортсмен, унаа инженери, үй-курулуш инженери, жыгач устасы жана башка сырткары чоң багбанчы болгон, СССР доорунда “приусадебное хозяйство”, “сад, огород” деген журналдарды такай окуп турчу, атамдын өзүнүн эң акыркы жаз айы, бардык дарактарды жаңы көчөттөр менен жаңылап, бактын бардык түрүн бутап, кесип, ар бир жүзүм айланасына 2 метрдей траншей чукуп, ал жакка жер

семирткичтерди салып чыкты. Ошол айлары “мөмө багын бутоо – мол түшүмдү камсыздоо” тууралуу теле-интервью дагы берген. Ошентип, атам мага “багыңды да толук жаңылап койдум” деген эле.

Жыйырма жылдан ашуун атам ибадатка катуу берилип, бирок “диний пропаганда, диний саясат, диний жамаат” деген темаларга кызыкпайт эле, болгону өзүнүн напсиси менен күрөшүп, ибадатын бекемдейт эле. Атамдын жаштыгында окубай калган каза намаздарын окуп жана аларды белгилеп чыккан дептерлерин үйдө көп көрүп калчумун. Намазга ушунчалык катуу берилип, эч каза кылбастан окуйт эле, бир эки жолу катуу ооруп алсырап калганда дагы эптеп чаңдуу дубалга колун узатып таяммум кылып, отуруп алып намазын окуйт эле. Эгер өзү жалгыз окуп калса колдорун кыйла убакыткача бийик көтөрүп алып, өлгөндөрдүн баарын эстеп, ата-энесинен баштап ар бир тууганын, ар бир досун аттарын атап, аларга кошуп куда сөөктөрүн арбайларын эстеп сөзсүз узун-узун бата кылганына баарыбыз күбө болчубуз, кээде ачуубуз келип, ата дуаңызды кыскартың дейт элек. Айылда заманбап мечиттин салынуусуна чоң салым кошту, жаңы мечиттин проектисин көтөрүп алып зерикпестен Бишкекте араптар менен, Туркияда түрктөр менен жолугушуп, ар бирин эшигин каккылап жүргөн. Мечиттин ажатканасынан бери проектисин сызган. Кийин өзү ошол мечитке каттап жүрдү, уйкудан биз тургучакты, ал мечитке барып келчү.

Рамазан айы үйдөгүлөрдүн баарына орозо туттурчу. Ал эми Рамазан айынан сырткары ар дүйшөмбү, ар бейшемби жана ар айдын ортолору эч калтырбастан сөзсүз түрдө орозо тутчу, өзү менен кошо апамды да туттурчу. Оозу жабык болсо дагы шамга чейин короо ичиндеги кара жумуштарды кылып, ооз ачууда дасторкон жупуну болсо деле үн чыкпай оозун ачат эле. Ибаттарына ушунчалык чын ыкыласы менен астайдил



жакындашчу. Эч качан эл көрсүн үчүн кылбайт эле. Орозо битирин топтогондо дагы баарыбыздан эң кымбат хурма эсеби менен топтоп, жакыр үйбүлөлөргө, айрыкча Душанбедеги тилден майып болгон тууган эжебизге жиберип турчу. Тууган-урук, дос-жар, кошуна-колоң менен мамилени бышытып турчу.

